# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**Илимий-популярдуу журнал . № 9-10 (22-23). Сентябрь-октябрь 2013-ж.**

*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор,
ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
почта – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;

***электрондук – office@dpi.kg***
**nadya.dobretsova@gmail.com**

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Көңүл чордонунда

Чарбасыздыктын парадоксторү: эмне үчүн Күн менен дос республикада жарык менен жылуулук жетишсиз? ........ 2
Мамлекеттик сатып алуулар айкындуулукту талап кылат ........ 4
Муниципалдык кызматчылар үчүн сатып алуулар тууралуу билимге жетүү жолун кантип жөнөкөйлөштүрсө болот? ........ 7

## ЖӨБ кадрлары коррупцияга каршы

Муниципалдык кызматчыларды окутуунун жаңы модели ........ 9

## Жарандардын ЖӨБга катышуусу

2014-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угуулардын хроникасы ........ 12
Элет тургундарынын саламаттыгы менен жергиликтүү бюджетти кантип айкалыштырса болот ........ 16
Социалдык өнөктөштүк үчүн глобалдык өнөктөштүк алгачкы гранттарды берүү тууралуу жарыялады ........ 17

## Социалдык заказ

БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү: муниципалдык социалдык заказдын мүмкүнчүлүктөрү ........ 18

## Мыйзамдагы жаңылыктар

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына сереп ........ 22
“Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР мыйзамына сереп ........ 24
Жер участокторун которууга (трансформациялоого) байланыштуу мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдө кезиккен көйгөйлөр ........ 28

## Жергиликтүү экономикалык өнүктүрүү

Липенканын балык өстүрүүчү адистери ........ 32

## “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун жаңылыктары

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечебиз! Гранттык долбоорлорду ишке ашыруунун тизмеги ........ 34
Швейцария Өкмөтү КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке техникалык колдоо көрсөттү ........ 36
Элет жерлери тазарып калдыбы? Үч муниципалитетте таштанды тазалоону жана чыгарууну баалоонун натыйжалары ........ 37

## ӨСИ жаңылыктары

Сүлүктүдөгү марафон 1 миллион 700 миң сом чогултту ........ 38
Ысык-Көлгө пресс-сапар: бизнес чакан болсо да баарынан кымбат ........ 39
“Муниципалдык мүлктү башкаруунун заманбап усулдары” аттуу эксперттик семинар ........ 40



# ЧАРБАСЫЗДЫКТЫН ПАРАДОКСТОРУ:
## эмне үчүн Күн менен дос республикада жарык менен жылуулук жетишсиз

***Күз мезгили ортолоп калганына карабастан тышта август айы бүтпөгөндөй аба ырайы өкүм сүрүүдө. Муну жай мезгилинин соңку белеги деп койсок болот. Бирок жайбаракат маанайды сыналгыдан чыккан кабар бузуп тургансыйт. Европа континентинде жаан-чачын жана суу ташкыны, айрым бир жерлерде кар да түшүп калды. Турмуштук тажрыйба көрсөткөндөй, мына ошол жаан-чачындуу аба ырайы Кыргызстанга да келатат. Атүгүл жакында эле кыргызстандык синоптиктер көңүл жубатпаган божомолун жарыялашты: алдыдагы кыш өтө суук болору күтүлүүдө. Синоптиктерге энергетиктер да кошулду. Алар кычыраган кышка алдын ала кам көрүү кerектигин калкка эскертишти. Бул болсо отун жана көмүрдү камдап алып, терезе-каалгаларды жылуулатып, же пластикке алмаштыруу керек дегенди түшүндүрөт.***

***"Оозу күйгөн айранды үйлөп ичет" демекчи, өкмөттүн жана Энергетика министрлигинин жарыкты маал-маалы менен өчүрүү болбойт, ТЭЦте отун жазга чейин жетет деген убадаларына калк көп деле ишене бербейт. Бул түрдүү убадаларды адамдар өлкөнүн жана тармактын жетекчилигинен жыл сайын угуп келатышат жана жыл сайын алданып калышууда. Миллиарддаган сом алдын алуу иш-чараларына жумшалса да жылуу болуп кеткен жери жок.***

– Эмне үчүн биз мынча аңкообуз? Эмне үчүн инновациялар тууралуу ушунчалык көп айтабыз, иш жүзүндө болсо ата-бабабыздын ыкмасын колдонуп келебиз – экологияны ис, көмүр чаңы жана таштанды менен булгап жатабыз? – деп бир нече жолу түрдүү трибуналардан жаңы заманбап технологияларды жашоодо колдонуу демилгесин көтөрүп жүргөндөрдүн бири Анатолий РАГИМОВ аудиторияга кайрылган эле.

Бул адамдын эскичил көз караштагы, экономиканы жана жалпысынан мамлекетти майнапсыз башкаруу үчүн аткаминерлерди сындаганга толук моралдык укугу бар. Мына үч жылдан бери ал түрдүү деңгээлдеги жетекчилердин иш бөлмөлөрүн каккылап, электр энергиянын керектөөдө курч ички таңкыстык жок экендигин далилдеп келет. Нарын ГЭСинин каскады иштеп чыккан киловаттар калкка да, ишканаларга да, дыйкандарга да жетмек түгүл, артып калчудай. Бул үчүн болгону энергияны пайдаланууда иштин көзүн таба билиш керек.

Беловодсктогу "Барс лимитед" компаниясынын башчысы Анатолий Михайлович РАГИМОВ көп сүйлөбөйт. Ал инновациялык ыкмаларды жайылтуу боюнча идеяларды турмушка ашырып келатат. Көптөн берки өнөктөшү Валерий Иванович ЗАКАРДОНЦЕВ менен биргеликте он жыл мурда эле күн батареяларын, коопсуз, энергияны үнөмдөгөн жана баасы боюнча алгылыктуу жаңы муундагы жылытуучу приборлорду өндүрүү ишин жолго салган. Ушуну менен бардык көйгөйлөр чечилди деп айтсак болмок. Бирок жаңычыл көз караштагы ишкерлерге дайыма бут тосуулар болуп келатат. Алардын эмгеги базарга бир топ кыйынчылыктар менен жетүүдө.

Эки компаниянын ишинин ийгиликтүү үлгүлөрүнүн бири – Беловодск айылдык аймагынын территориясындагы "Светлячок" бала бакчасы. Бул бала бакчада төрт жыл мурда контрамаркалардын ордуна жаңы керамзит батареялар орнотулган. Балдар мекемесинин тарбиячыларынын сөзү боюнча, бүгүнкү күндө алар үшүбөй калды. Сыртта чыкылдаган суук болсо да, өткөн кылымдын отузунчу жылдары курулган "Светлячок" балдар бакчасынын эски имаратында жылуу жана ыңгайлуу. Бир эле оператор от жагуучуларды алмаштырып, бүтүндөй чарбаны колго алган. Ал бир саатка эрте келип, жылуулукту иштетет. Балдар бакчага келгенче оюн жана уктоочу бөлмөлөрдө кадимки температура орноп калат.

Тазалыкка көз салган эжелер мурдагыдай болуп от жаккандан кийин же мешти күлдөн тазалагандан кийин булганган жерди аарчып, чака-челегин көтөрүп жүрбөй калды. Андан да маанилүүсү ушундай ыңгайлуулук жана комфорт бала бакчага жана айыл өкмөтүнө көмүр, отунга караганда арзанга турду.

– Биздин батареялар эч качан жалт-жулт этпейт, анткени кислородду жутпайт жана абаны көмүр кычкыл газ менен ууландырбайт, - деп өз продукциясынын артыкчылыктарын санагандан тажабайт Анатолий РАГИМОВ.

- Ар бир имарат жылуулукка өз-өзүнчө кошулат. Бул болсо электр энергияны керектөөнү үнөмдөйт. Өчүргөндөн кийин батареялар жылуулукту бери дегенде дагы үч саат сактап турат. Ошондуктан маал-маалы менен жарык өчүрүүлөр коркунучтуу эмес. Имарат муздап калбайт.

Бала бакчанын тарбиячысы Айгүл АХМЕТОВА РАГИМОВдун бардык далилдерине толугу менен макул. Анын айтымында, өзүнүн көп жылдык эмгек тажрыйбасында түрдүү аймактарда иштеген. “Светлячокту” ал 130 наристе үчүн ыңгайлуу имарат катары белгилейт.

– Мен бакчанын жетекчисине күн батареяларын орнотууну сунуштагам. Ошондо бала бакчада жыл бою ысык суу болмок. Буга чейин алар суу ысыткыч колдонуп келишкен. Ушундай батареялардын 20 чарчы метри гана керектелмек, бирок балдар мекемесинде акча жок.

Эми окурмандарды продукция – батареялар менен тааныштырууга убакыт жетти. Чынын айтканда, тышкы көрүнүшү боюнча батареялар көзгө жагымсыз учурайт. Алар чоюндан жасалган радиаторлорго окшош, бирок көлөмү чакан жана бетондон чаптап бириктирилгендей. РАГИМОВдун айтымында, бул батареялар Валерий ЗАКАРДОНЦЕВдин табылгасы, бардык автордук укуктар ага тиешелүү. Алардын кыртышы бетондон, ичи болсо керамика түтүкчөсүнөн турат. Мунун баары ишенимдүү түрдө бекитилген, ошондуктан ал жакка кислород кире албайт. Батареялар 100 градустан ашык ысыбайт, өрттөнүп кетпейт жана колдонуу мөөнөтү чектелген эмес. Батареяларды оор балка менен чаппаса эле алар ондогон жылдар бою иштеп бермекчи.

Аларга зарыл болгон учурда температураны азайтып, же көбөйтүп туруу үчүн терможөнгөсалгычтар жетишпей турат. Бирок ишкерлер учурда ушул маселенин үстүнөн иштеп жатышат. Ушул тапта Илимдер академиясы менен биргеликте суроого жооп издешүүдө. Бирок заманбап жабдуулар бар. Бул үчүн новаторлордо да, алардын продукциясын керектегендерде да акча болсо болду.

Каражаттын жетишсиздиги тууралуу биз дээрлик күн сайын угуп жүрөбүз. Кайда барба – аткаминерлердин акчасы жок. Анткен менен кадам сайын аткаминерлердин логикага сыйбаган башкаруучулук чечимдеринин кесепеттерине күбө болуп келатабыз. Мына, мисалы, РАГИМОВ муниципалитеттердин бирине эл эс алып турушу үчүн жергиликтүү Маданият үйүн жылуулатып берүүнү сунуштаган. Смета түзүп, баарын эсептеп чыккан. Бул иштер үчүн 250 миң сом талап кылынмак. Анткен менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишкерлердин сунушуна көңүл кош мамиле жасашкан. Аларга башка бизнес-долбоор жаккан: 2,5 миллион сомго евроремонт, жыгачтан терезелерди пластикке алмаштыруу. Аларды “адамдар 20 градус суукта эмне кылат? Эгерде буттарга сыз өтүп, сууктан тиш тишке тийбесе, маданият адамдардын башына киреби?” деген суроолор кызыктырбайт.

Александровка айылдык аймагынын Беш-Күрүк айылындагы орто мектептин директору Улан Үмөтов энергетика көйгөйүн РАГИМОВдун жардамы менен чечип алганына абдан ыраазы. Өткөн жылы бул жерде да “Светлячокко” окшоп электр жабдуусу орнотулган.

– Биздин мектеп 1983-жылы курулган жана ошондон бери мектептен 170 метр алыс жайгашкан от жакчу жай менен жылытылып келген, - деп пикири менен бөлүштү директор. – Эгерде мурда көмүр сапаттуу болсо, азыр бизге калориялуулугу аз отун алып келишет. Аны жаккандан кийин көп күл жана чаң кала берет. Бирок жылуулук деле болбойт. Адегенде 54 тонна сатып алчубуз, андан кийин 70тен ашты жана акыркы жолу 92 тоннага чыкты. Ысык суу мектептин экинчи кабатына жеткенче эле муздап калат. Ушунча жылдардан бери суук көкөйүбүзгө канчалык тийгенин элестете да албайсыз. Балдар, мугалимдер – баары үстүңкү кийимин чечишпейт, сасык тумоонун, сарыктын эпидемиясы башталып кетпегей эле деп кооптонобуз.

Кийинчерээк мектеп директору менен баарлашуудан соң белгилүү болгондой, ал РАГИМОВ менен жолугушкан экен. Жолугушуу мындайча болду. “Жамандык болбой, жакшылык да болбойт” демекчи, тышта суук кычырап турганда мектепти жылытуучу жай иштен чыккан. Төрт от жагуучу ишсиз отуруп калат. Ремонт жасоочу бригада тешилген жерди издеп, жерди казып чыкканына карабастан, аны таппай коёт. Акыр соңунда мектеп имаратынын өзүндө бетондолгон трубаларда тешик болушу мүмкүн деп божомолдошот. Полдун алдын карап чыгуу маселеси көтөрүлөт. Авариянын кесепеттерин жоюу боюнча зарыл болгон бардык аракеттерди эсептеп чыкканда көздөрүнө жаш алышат. Анткени ремонт жасай турган бригада бир жарым миллион сом сураган. Айыл өкмөт башчысы мындай сумманы укканда төбө чачы тик туруп, ҮМӨТОВдон башка варианттарды издеп көрүүнү өтүнөт. Ошентип ал РАГИМОВду табат.

Ал смета даярдайт – 495 миң сом болду. Кол алышат. Бир айдын ичинде жаңы батареялар орнотулуп, элдин кубанычы койнуна батпай, үстүңкү кийимдерин чечип ыргытышат. Кыш бою класстарда температура +18 деген белгиден төмөн түшкөн эмес. Жылуу аба ырайына сараң болгон өткөн кышты мугалимдер жана окуучулар көйнөкчөн жана костюмчан өткөрүшкөн. Майрамдарда эч ким үшүп калам деп коркпостон спортзалда чогулуп турушту.

– Температура +25 градуска чейин жетип жатты, мугалимдер өтүктөрүн чечип, жеңил бут кийимге өтүштү. Керемет көрүнүш. Майрамдарды жана иш-чараларды спортзалда өткөрүп турдук. Мурда баары эрте эле үйлөрүнө качып кетчү, эч ким сууктун айынан көпкө отура алчу эмес. Ал эми азыр аларды куусаң да кетишпейт, - деп күлүмсүрөйт мектеп директору.





Алар менен чогуу жөн гана батареяны алмаштыруудан улам чыккан экономикалык натыйжаны эсептеп көрүүнү чечтик. Эмесе, от жакчу жай иштеп турганда 4 жумушчуга маяна төлөнчү – айына 3 миң 800 сом, тоннасы орточо эсеп менен 3 миң сомго көмүр сатып алынчу, отуну да бар. Дагы бир нерсе – от жакчу жайдагы насостор жарык өчсө иштен чыкчу. Эгерде жарык болбосо, кампалар көмүргө толуп турса да адамдар үшүп жатчу. Жупуну эсептер боюнча, үнөмдөө 200-300 процентти түзгөн. Ошону менен катар аба да тазарып, тазалыкка кам көргөн аялдардын түйшүгү да азайды. Адамдар оору-сыркоодон алыс болуп калды.

Эмне үчүн электр энергиясынын таңкыстыгы бар деп элди коркуткан, коомчулукту тарифтерди көтөрүү зарыл деп көндүрүп келаткан бийлик мындай талашсыз пайданы түшүнбөй жатат? Биздин арабызда эле энергияны үнөмдөөчү технологиялар менен алектенген адамдар жашап жатпайбы. Азыркы тапта бюджеттин эсебинен жашагандарга от жагуучу жаңы жайларды куруу зарылчылыгын айтып жатышат. “Дагы эмне болуп кетет” деген маанайда. Балким эртең Токтогулда кырсык болсочу? Ал эми андай жайларды куруу үчүн 2,5 миллион сом талап кылынат. Аны колдонууга дагы канча чыгым кетет? ҮМӨТОВ мындай экономикага башын гана чайкайт.

–Учурда жылуулук бере турган мезгилде биз айына 15-20 миң төлөйбүз. Баары болуп 100 миң сом. Ал эми мурда көмүргө гана 250 миң кетчү. Андан тышкары маяна төлөш керек, жарык үчүн каражат керек…

РАГИМОВ менен ЗАКАРДОНЦЕВдин компаниясы иштеп жаткан он жылдан бери алар үнөмдүү батареяларды республика боюнча 200 мектепте, 100 бала бакчада, 50 ФАПта орнотуп чыгышкан. Бирок акыркы үч жылдан бери аларга энергетиктер квота бербей келатышат. Балким алар ушул чөйрөнү эч ким менен бөлүшкүсү келбейт чыгар. Өкмөт жергиликтүү өндүрүүчүлөрдү колдоо шылтоосу менен аларга альтернативаны көрбөй турат. Же көргүсү келбейт. Мына ушинтип “жаман аба ырайы болбойт” деген ыр саптарына макул болбой, кыш жана аны коштоп келчү күтүүсүз окуялар алдында кооптонуп жашап келатабыз.

***Лариса ЛИ, сүрөт автордуку***

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР АЙКЫНДУУЛУКТУ ТАЛАП КЫЛАТ




***Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сатып алуулары тууралуу тема барган сайын актуалдуу боло баштады. Тендерди күмөндүү өткөрүүгө байланышкан жаңжалдар тууралуу макалалар анда-санда ММКда пайда боло калат. Белгисиз компанияларга жагымдуу мамлекеттик заказдарды ыйгаруу боюнча конкурстук комиссиянын акыйкатсыз чечимдери жана мыйзам бузуулар тууралуу маал-маалы менен бейөкмөт уюмдар жана укук коргоочулар айтып калышат. Алардын айрымдарынын пикири боюнча, тендерлердин тегерегиндеги көптөгөн жаңжалдар мыйзамдарды сактабагандыгын тастыктаган реалдуу фактыларга гана эмес, эң негизгиси бири-бирине карама-каршы келген учурларга негизделет. Бир жагынан бизнес,белгилүү болгондой, жеңүүчүлөрдү аныктоодо ыктымал коррупциялык мамиледе болушу мүмкүн деп сатып алуучулардан күмөн санайт. Өз кезегинде алардын оппоненттери баарын тендер ачык жана акыйкат өткөнүнө ишендиргиси келет.***

Бул көрүнүштү дагы да деталдуу изилдөө, эрежеге ылайык, мамлекеттик сатып алууларды ээрчий жүргөн мифтерди тастыктоо же ашкерелөө үчүн “Айкын бюджет үчүн альянсы” коомдук уюму мамлекеттик сатып алуулар системасынын айкындуулук деңгээлин баалоо боюнча изилдөө жүргүздү. Жоктон бар кылбаш үчүн Альянс ушул маанилүү чөйрөнү жөнгө салган, учурда иштеп жаткан улуттук мыйзамдарды маалыматтын негизги булагы катары алды. Бул изилдөө “укуктук база

канчалык деңгээлде процесстин айкындуулугун камсыздайт?” деген суроого жооп берет.

Альянстын эксперттери Европалык кайра куруу жана өнүктүрүү банкы иштеп чыккан мамлекеттик сатып алуулардын айкындуулугун өткөрүү методикасын пайдаланган. Анын негизинде ушул жааттагы эл аралык стандарттарды карап чыгуу жатат. Кыргызстандын мыйзамдарынын эл аралык стандарттардын талаптарына шайкештиги 42 суроо боюнча изилденген. Анын натыйжасы 1-таблицада көрсөтүлөт.

***1-таблица. Сатып алуулар жөнүндөгү Кыргызстандын мыйзамдарынын эл аралык стандарттарга шайкештигинин деңгээли***

| Шайкештигинин деңгээли | Балл |
|---|---|
| Толугу менен шайкеш келет | 100 |
| Бир кыйла шайкеш келет | 75 |
| Жарым-жартылай шайкеш келет | 50 |
| Айрым бир учурларда шайкеш келет | 25 |
| Такыр шайкеш келбейт | 0 |

“Такыр шайкеш келбейт” деген жооп 42 маселенин бирөөсүндө да кезиккен эмес. Орточо балл 69,6ны түздү.

Мындай изилдөө Украина жана Казакстанда жүргүзүлгөн. Бул өлкөлөрдө жалпы орточо балл төмөн болгон: Украина боюнча 75 балл, Казакстан боюнча 88,7 балл. Мындай салыштыруудан Кыргызстан утулууда. Бул маалыматтар бизде мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө кандайдыр бир көйгөйлөр бар болгонун дагы бир жолу тастыктоодо.

Жергиликтүү бюджеттеги каражаттар мамлекеттикке теңдештирилген соң “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, алар өлкө мыйзамдарынын талаптарына туш келүүдө.

2011-жылы мамлекеттик сатып алуулардын жолжоболору боюнча ЖӨБ органдары баары болуп 503 тендер өткөргөн (3-табл. жана 1-диаграмма).

3-таблица көрсөткөндөй, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чектелбеген тооруктар ыкмасын, котировкалардын суроо-талабы жана бир булактан ыкмасын колдонушат. Ошону менен бирге сатып алуулардын 90 процент көлөмү чектелбеген тооруктар ыкмасы менен ишке ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, өзгөчө элеттик муниципалитеттер “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамды аткаруу процессинде бир катар кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Жолжоболордун татаал өзгөчөлүгү, квалификациялуу адистердин жетишсиздиги, интернет-ресурска жетүүдө жана Мамлекеттик сатып алуулардын Порталы менен иштөөдөгү кыйынчылыкта рэлеттик муниципалитеттердин көп учурда мыйзамдардын талаптарын бузушуна алып келүүдө. Муну Эсеп палатасынын аудиторлорунун бүтүмдөрү да ырастайт.

Өзгөчө көйгөйлөр ыйгарым укуктуу органда – КР Каржы министрлигине караштуу Методология жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча департаментте да бар. Алар: мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши жана көз карандысыздыктын жоктугу, даттануулар боюнча көз

***2-таблица. Эл аралык стандарттарга көп деле шайкеш келбеген сатып алуулар тууралуу КР мыйзамдарынын параметрлери***

| Маселе | Баа |
|---|---|
| Мыйзам тарабынан Заказ берүүчүгө мамсатып алуулар тууралуу кызыкдар жактарды маалымдоо үчүн сайтка ээ болуу милдети жүктөлгөн | 25 |
| Заказ берүүчүнүн веб-порталына түшкөн табыштамаларды каттоо милдеттемеси бар | 25 |
| Мыйзам менен конкурстун катышуучуларына конкурстук жана баа сунуштарды баалоо жана салыштыруу боюнча комиссиянын отурумуна катышуу укугу берилген | 25 |
| Конкурстун катышуучулары жана (же) алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү конкурстук баа сунуштары менен таанышып чыгууга укуктуу | 25 |
| Демпинг бааны эсептөө тартиби мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун эрежелери менен аныкталган | 25 |
| Мыйзам менен Заказ берүүчү мамлекеттик сатып алуунун натыйжалары боюнча аткарылган ишти (кызмат көрсөтүүнү) кабыл алуу тууралуу маалыматты баары окуй ала тургандай өз маалында жайгаштырууга милдеттендирилген | 25 |

***3-таблица. Жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын сатып алуулары***

| Сатып алуучу уюмдар | Саны | Өткөрүлгөн тендерлердин суммасы (миң сом) | % | Товарлар (миң сом) | Кызмат көрсөтүүлөр (миң сом) | Жумуштар (миң сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** | **503** | **2 777 845,4** | **17,6%** | **1 309 778,7** | **15 080,2** | **1 452 986,5** |
| Чектелбеген тооруктар | 318 | 2 489 783,0 | 89,6% | 1 229 525,5 | 5 780,2 | 1 254 477,3 |
| Чектелген тооруктар | 4 | 30 821,7 | 1,1% | - | - | 30 821,7 |
| Кош этаптуу тооруктар | 0 | - | 0,0% | - | - | - |
| Консультациялык кызмат көрсөтүүлөр | 0 | - | 0,0% | - | - | - |
| Котировкалардын суроо-талабы | 94 | 64 461,5 | 2,3% | 64 461,5 | - | - |
| “Бир гана булактан” ыкмасы | 87 | 192 779,2 | 6,9% | 15 791,7 | 9 300,0 | 167 687,5 |

Булак: http://zakupki.okmot.kg/documents.action?type=2

***1-диаграмма. Ыкмалар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөргөн тендерлердин суммасы (миң сом)***




карандысыз органдын жоктугу, дараметти туруктуу арттыруу механизмдеринин жоктугу.

Көпчүлүк эксперттер "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү зарылдыгы бышып жетилгенин айтышат. Мыйзамдын жаңы редакциясы төмөнкүдөй шарттарды түзүп бериш керек:

- бардык мамлекеттик секторду камтуу;
- сектордо каржыга ишенимдүү көзөмөлдү камсыздоо;
- "баа-сапат" ара байланышын камсыздоо;
- сатып алуу процессинин ар бир этабын жөнгө салуу;
- келишим түзүүгө жана укуктук жардамдын каражатына укук берүү тууралуу маалымдамалардын айкындуулук системасын камсыздоо;
- тоорукка катышууга уруксат берүүнүн так жана ырааттуу эрежелерин орнотуу. Аларды конкреттүү сатып алуучу уюмдун каалоосу боюнча өзгөртүүгө болбойт;
- сатып алуунун өзгөчөлүгүн жана келишимдин мазмунун эсепке алуу менен тендердик должоболорду тандоонун натыйжалуу механизмин түзүү;
- экономикалык, социалдык жана экологиялык факторлорду эсепке алуу.

Мыйзамдын жаңы редакциясында сатып алуу процессин оптимизациялоого жана анын натыйжалуулугу менен айкындуулугуна жетүүгө багытталган бир катар нормаларды караштыруу да зарыл.

- Сатып алуучу уюмдун аракеттеринин ар бир кадамын мамлекеттик сатып алуулардын өз-өзүнчө методунда кеңири чагылдыруу.
- Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү кеңири сүрөттөө менен бир булактан сатып алуулардын тизмесин кеңейтүү.
- Арифметикалык каталарды тапкан учурда сатып алуучу уюм менен катышуучу-талапкерлердин аракеттерин көрсөтүп берүү.
- Пайдалуу шарттарды тандаш керек болгон, бирок ошону менен бирге сөзсүз түрдө эң төмөнкү котировкасы менен болбой турган шарттарды сүрөттөө.
- "Демпинг баа" терминин, көз көрүнөө төмөндөтүлгөн баасы бар табыштамаларга карата сатып алуучу уюмдун аракеттерин кошуу жана чечмелеп берүү.
- Келишимди аткарууга кепилдик берүүнү камсыздоо боюнча аракеттер толук көрсөтүлбөгөн келишимди аткарууга көзөмөл боюнча шарттарды сүрөттөө.

Компетенциясына мамлекеттик сатып алуулар процессин жөнгө салуу кирген ыйгарым укуктуу органга карата төмөнкү чараларды пландаштыруу зарыл.


- Өзүнчө автономдуу маморган түзүү, персонал, жабдуу жаатында анын дараметин бекемдөө.
- Райондор деңгээлинде, же райфинбөлүмдөрдүн алдында сатып алуулар боюнча маммекемелерди түзүү.
- Сатып алуулар боюнча маморгандын көзөмөл жүргүзүү, сатып алуучу компанияларга колдоо көрсөтүү, бул жаатта адистерди даярдоо боюнча ишин күчтөндүрүү.
- Сатып алуулар тууралуу маалыматты чогултуу, анализдөө жана жайылтуу боюнча натыйжалуу системаны күчөтүү.
- Кеңири коомчулук үчүн мамсатып алуулар чөйрөсүндөгү ишмердиги тууралуу жылдык отчетторду даярдоо зарыл.
- Сатып алуучу уюмдар КР Каржы министрлигинин окуу борборунда окуу-машыгуу үчүн чыгымдарын жабууга зарыл каражат менен камсыздалыш керек.

КР Өкмөтү дараметти жогорулатуу жаатында керектөөлөргө баа берип, сатып алуулар боюнча дараметти жогорулатууда Улуттук стратегияны иштеп чыгышы зарыл. Бул үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды даярдоо механизмдери, университеттер, колледждер, институттар, ассоциациялар ж.б. өңдүү колдо болгон бардык ресурстарды эсепке алуу керек.

Сатып алуулар боюнча маселелерди түшүндүрүү боюнча натыйжалуу сурап-билүү кызматтарын түзүү зарыл.

***Султан МАЙРАМБЕКОВ,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун гранттар боюнча адиси*

# МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАР ҮЧҮН САТЫП АЛУУЛАР ТУУРАЛУУ БИЛИМГЕ ЖЕТҮҮ ЖОЛУН КАНТИП ЖӨНӨКӨЙЛӨШТҮРСӨ БОЛОТ?



**Алмасбек САМДИНОВ, "Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде" сүрөттөр жана плакаттар сынагынын катышуучусу, БУУӨП, КСФ, ӨСИ, 2012**

***Акыркы бир нече жылдан бери Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери муниципалитеттердеги сатып алуу процесси үчүн жооп берген адистердин билим деңгээлине жана даярдык сапатына карата камтамачылыгын билдирип келатат. Бардык эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында сатып алуулар боюнча сертификатка ээ болгон адистер боло бербейт, тендерлер жана конкурстар мыйзамдарды бузуу менен өтүп келатат, бул болсо өз кезегинде арыз-даттануулардын агымын жана сансыз текшерүүлөрдү пайда кылууда. Ушуну менен бирге бул жерде муниципалдык кызматчылардын карасантайлыгы эмес, билимдин жоктугу негизги себеп болуп калууда. Өлкө боюнча баары болуп 453 айылдык аймак жана 31 шаар бар. Эгерде шаарларда сатып алуулар маселеси боюнча Окуу борборунда билим алган адистердин белгилүү бир саны иштесе, көпчүлүк айылдык аймактарда сатып алуулар процесси мыйзам бузуулар менен коштолот. Буга муниципалдык кызматчылардын сатып алуулар боюнча мыйзамдардын талаптарын жакшы билбегени себеп болуп жатат.***

Кырдаалдын себептерине анализ жүргүзүүдө Өнүктүрүү саясат институту алардын негизгиси окутуу үчүн ресурстун жетишсиздиги болуп жатат деген тыянакка келди. Бир жагынан жергиликтүү бюджеттерде сатып алуулар боюнча адистерди КР Каржы министрлигинин Окуу борборуна жиберүүгө жетиштүү каражат каралган эмес. Окуу үчүн акы төлөш керектигин, мындан тышкары адиске Бишкекке жетип, окуу бүткөнгө чейин баскан-турганына каражат талап кылынарын эсепке алганда бир топ эле акча керектелет. Ал эми муну жергиликтүү бюджет дайыма эле көтөрө албайт. Экинчи жагынан Окуу борборунун кубаттуулугу да тоскоолдук жаратышы ыктымал. Азырынча орундар жетиштүү. Бирок эгерде муниципалдык кызматчылар жабыла барышса, анда борбордун кубаттуулугу жетпей калышы ыктымал. Ал арада жергиликтүү бюджеттеги каражатка сапаттуу, натыйжалуу, мыйзамдарга ылайык товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну уюштуруу жана өткөрүү маселеси Кыргыз Республикасында курч турат.

Ошону менен бирге элеттик муниципалитеттер адатта шаардык муниципалитеттерге жана башкаруунун мамлекеттик органдарына салыштырмалуу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдү азыраак сатып алат. Ошондой эле элеттик муниципалитеттер сатып алууларды ишке ашыруунун мыйзамдарда каралган бардык эле ыкмаларын пайдалана бербейт. Ошентип Кыргыз Республикасынын айылдык аймактарында сатып алуулар менен алектенген муниципалдык кызматчыларга карата өзгөчө кырдаал түзүлдү. Ал өзгөчө методдорду жана чечимдерди пайдалануу менен аларды

чечүү боюнча атайын программаны талап кылат.

Өнүктүрүү саясат институту маселени жөнгө салуу боюнча төмөнкү кадамдарды сунуштайт.

### *Алгачкы окутууда тышкы булакты пайдалануу (аутсорсинг). Мында сертификат берүү укугун Окуу борбору сактап калат*

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу программасына 2013-2017-жылдарга карата окутуунун жаңы ыкмалары киргизилген. Алардын бири окутуунун ведомстволук багытын жайылтуу болуп эсептелет. Анда Каржы министрлигине караштуу Окуу борбору өңдүү ведомстволук окуу борборлорунда мамлекеттик органдарды окутууну уюштуруу каралган. Программанын долбооруна ылайык, “окутуунун ведомстволук (тармактык) багыты ишмердигин жана башка өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы белгилүү бир кызмат орундардын квалификациялык талаптарына шайкеш келген кесипкөй билимди жана шыкты жакшыртуу жана жаңыртуу максатында ишке ашырылат. Бул багыт окутуунун өзгөчөлүгүнө ылайык, ведомстволук окуу борборлордун жана башка билим берүүчү уюмдардын базасында ишке ашырылыш керек”.

Программага ошондой эле конкурстук тандоонун негизинде мамлекеттик заказдын принциптери, ЖОЖдордун жана башка билим берүү уюмдарынын, анын ичинде мамлекеттик эместердин да аткаруучу катары окутуу өткөрүүгө конкурска катышуу киргизилген. Ушул тапта Кыргызстанда айрым гана мамлекеттик органдар өзүнүн ведомстволук окуу борборлоруна ээ. Тилекке каршы, алардын материалдык жана кадрдык дарамети мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды профессионалдык жактан өнүктүрүү боюнча заманбап тапшырмаларды аткаруу үчүн жетишсиз. Жыл сайын беш миңден ашуун адисти окутуу керек деген талап болуп турган маалда учурда иштеп жаткан окуу борборлору азыртадан эле кыйналууда жана келечекте тиешелүү окууну уюштурууда да кыйналышмакчы. Анын ишке ашыруунун программасы жана планы тиешелүү чараларды, анын ичинде зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууну жана кабыл алууну караштырат. Ушул ченемдик укуктук актылар жалпысынан окутууну уюштуруу иштерин жана жарым-жартылай ведомстволук багытты тартипке салат. Ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды кошумча окутуунун, билим берүү уюмдарын лицензиялоонун (аккредитациялоонун) ж.б. мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгат.

Жогоруда айтылгандардан улам Каржы министрлигине караштуу Окуу борбору окутуунун ведомстволук багытын уюштуруунун атайын моделин иштеп чыгуу демилгесин көтөрүп чыга алмак. Өз кезегинде Өнүктүрүү саясат институту моделди иштеп чыгуу жана апробациялоо боюнча иштердин көлөмүнүн бир бөлүгүн аткарууга даяр.

Моделдин маңызы төмөнкүдө:

Билим берүүчү уюмдары (мамлекеттик жана мамлекеттик эмес) бар мамлекеттик органдардын окуу борборлору менен аларга аутсорсингге ведомстволук программалар боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууну өткөрүп берүүдө кызматташууну уюштуруу (бул жерде сөз сатып алууларга окутуу программасы жөнүндө жүрүп жатат).

Өткөрүп берүү иши мамзаказдын жол-жоболору боюнча да (конкурстук негизде), ансыз да (өз-өзүнчө келишимдердин негизинде) ишке ашырылса болот.

Окутуу программасы Каржы министрлигине караштуу Окуу борбору менен макулдашылат жана бекитилет, окутуу билим берүүчү уюмдардын күчү менен өткөрүлөт. Билим берүүчү уюмдардын окутуучуларын Окуу борбору бекитет.

Окутуу айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматчылары үчүн аларга жакын аралыкта өткөрүлөт – райондук борбордон алыс эмес жерде.

Окутуу квалификацияны жогорулатууну тастыктоо дегенди түшүндүрбөйт; окутуудан кийин анын катышуучусу Окуу борбору бекиткен формалар боюнча алдын ала экзамен тапшырат, бирок сертификат албайт.

Окуунун катышуучусу же Окуу борборунун базасында, же Окуу борбору атайын уюштурган жерине барчу комиссияга тиешелүү экзамен тапшыргандан кийин гана Окуу борбору сертификатты берет (келечекте сертификаттарды билим берүүчү уюмдарга берүү тууралуу маселе каралышы ыктымал).

Болжолдонгон моделди ишке ашыруу – өзүнүн кызматтык милдеттерин тийиштүү аткаруу үчүн зарыл болгон билимге ээ кызматчылардын санын арттырууга; мамлекеттик органдарда жана башка билим берүүчү уюмдарда окуу борборлорунун дараметин бекемдөөгө; кызматчыларды кошумча окутуу үчүн окутуучулардын зарыл болгон санын даярдоого жол ачмак.

### *Сатып алуулар боюнча квалификация деңгээлдеринин дифференциациясы*

Түрдүү башкаруу органдарында сатып алуулар процесси түрдүү көлөмдө, түрдүү ыкмалар менен ишке ашырылып, атайын билимдердин жана шыктардын түрдүү көлөмүн талап кылгандыктан квалификация деңгээлинин дифференциация механизмин карап чыгуу мүмкүн. Дифференциация машине айдоо аналогиясы боюнча мүмкүн. Мында автомобилдик техниканын татаалдыгынын түрдүү деңгээлдеринде түрдүү деңгээлдеги көнүгүү талап кылынат (айдоочунун күбөлүгүнүн категориялары).

Мындай учурда сатып алуучунун квалификациясынын түрдүү деңгээлдерин киргизип, ошол деңгээлдерге жараша окутууну уюштурса болмок. Эң төмөнкү деңгээл – баштапкы көнүгүүлөр, жөнөкөй жол-жоболор – жеринде окутуу (райондук борбордо), билим берүүчү уюмдардын күчү менен (аутсорсинг). Эң жогорку деңгээл – эң татаал жол-жоболор, билимдин бардык көлөмү Бишкекте, Окуу борборунун базасында.

### *Тараптардын пайдасы кандай болот?*

Бул сунуштар моделди камтыйт, аны ишке ашыруу бир нече тапшырманы аткарууга жол ачмак:

- сатып алуу процессине катышкан муниципалдык кызматчылардын көбүрөөк санынын дараметин жогорулатуу (кеңейтүү);
- сатып алуулар маселеси боюнча муниципалдык кызматчылардын квалификациясынын деңгээли төмөндүгүнө байланыштуу мыйзам бузуулардын санын азайтуу;
- муниципалдык кызматчыларды Бишкекке окутууга жиберүү үчүн жергиликтүү бюджеттердин чыгашасын азайтуу;
- окуу борборунун имараттарында окуп жаткандар өткөргөн убакыттын санын кыскартуу, муну менен Окуу борборунун иш убактысын жана жумушчу мейкиндигин оптималдаштыруу;
- практикада ведомстволук окуу борбору тарабынан окутууга мамлекеттик заказдын моделин апробациялоо. Муну менен прецедент жаратып, Мамлекеттик кадр кызматынын 2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу Программасын ишке ашырууда ведомстволор арасында лидер болуу;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды дагы да терең даярдоону уюштуруу үчүн Окуу борборунун ресурстарын бошотуу жана жумуштун башка стратегиялык багыттары.

### *Маалымат үчүн:*

Өнүктүрүү саясат институту 2013-жылы Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы айрым айыл өкмөттөрүнүн муниципалдык кызматчылары үчүн мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору боюнча мыйзамдын негиздери боюнча тренинг өткөрдү. Тренингде пайдаланылган ушул тема боюнча окуу материалдары Каржы министрлиги менен макулдашылган. Жалпы окуу жүгү 12-16 окуу саатын түзөт. Окутууга айыл өкмөт башчылары, алардын орун басарлары жана каржы-экономикалык бөлүмдүн башчылары катышты. Окууга катышкандардын жалпы саны 30 адамды түзөт. Тренингдерди Каржы министрлигинин Окуу борборунда билим алган жана тийиштүү сертификатка ээ болгон Институттун эки адиси өткөрдү.

***Нурдин КҮМҮШБЕКОВ,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун муниципалдык кызмат боюнча адиси*



# Муниципалдык кызматчыларды окутуунун ЖАҢЫ МОДЕЛИ

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары токтоосуз чечиши керек болгон ар кандай татаал тапшырмаларды аткара алышы үчүн муниципалдык кызматтын кызматчыларынын кесипкөй деңгээлин жогорулатуу мааниси күмөн туудурбаса керек. Ал эми бул сапаттуу окутуусуз мүмкүн эмес. Ал болсо өз кезегинде башаламан жана системасы жок тренингдердин ордуна системалык мамлекеттик мамилени талап кылат.***

***“Муниципалитет” журналы ушул көйгөйдүн канчалык олуттуу болгонун түшүнүү менен бул темага өзгөчө көңүл буруп келатат. Мисалы, биздин басылманын кайсы бир санында окурмандарыбыз Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу Стратегиясын иштеп чыгуу боюнча иштер кандай жүрүп жатканын биле алышкан. Убакыт токтоп турбайт экен. Үстүбүздөгү жылдын 12-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин №162 Буйругу менен 2013-2017-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу системасын өнүктүрүү Программасы жана аны ишке ашыруу боюнча чаралардын Планы кабыл алынганы тууралуу кабар тарады. Бул документтерге окутуу системасын өнүктүрүүнүн жаңы принциптери жана механизмдери киргизилген. (Программа жана План тууралуу дагы да кененирээк журналдын жаңы санында айтып беребиз).***

Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоору муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатууга багытталган окуу процессин уюштуруунун жаңы моделин пилоттук тестирлөөдөн өткөрүүгө киришти.

Бул жаңы нерсенин маанисин баамдоо үчүн анын негизги принциптерин атай кетүү зарыл. Бул биринчи кезекте мамлекеттик заказдын негизинде окутууну уюштуруу. Мында заказ берүүчү – Мамлекеттик кадр кызматы. Экинчиден, мамлекеттик са-

тып алуулар тууралуу мыйзамдарга ылайык жана конкурстун негизинде окутууну өткөрүүгө окуу модулдарын жана мамлекеттик заказды иштеп чыгуу үчүн аткаруучуларды иргеп алуу. Үчүнчүдөн, модулдарды иштеп чыгууда жана окуу программаларын түзүүдө анын авторлору муну кимге даректелсе, ошол кызматтык милдеттемелерге байлоо менен муниципалдык кызматтын жана муниципалдык кызматчылардын керектөөлөрүн сөзсүз эсепке алуу.

Белгилей кетчү жагдай, бул максаттарга каржылоо мамлекеттик бюджеттин эсебинен кетет, жол чыгымын жергиликтүү казына жабат, мамлекеттик каражатты үнөмдөө максатында окутуу облустук борборлордо өткөрүлөт.

***4-таблица. Пилоттук окутуу үчүн темалардын тизмеси***

| № | Окуу модулунун темасы |
|---|---|
| 1 | Жергиликтүү бюджетке түшкөн салыктарды администрациялоо |
| 2 | Мамлекеттик сатып алуулар |
| 3 | Жергиликтүү экономикалык өнүгүү |
| 4 | Аймактын инвестициялык жагымдуулугу. Бюджеттен тышкаркы каражаттарды тартуу |
| 5 | Айылдык аймактарды өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоо |
| 6 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери |
| 7 | Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу |
| 8 | Муниципалдык менчикти башкаруу |
| 9 | Компьютердик сабаттуулуктун негиздери |
| 10 | Муниципалдык кызматтын укуктук негиздери |

Жаңы модель керектөөлөрдү баалоону жана анализдөөнү, заказды түзүүнү, окуу модулдарын жана программаларды иштеп чыгууну, натыйжага жетүүнү мээлеген окуунун өзүн караштырат.

Эскерте кетели, 2012-жылы эле Долбоор Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы 400 муниципалдык кызматчынын арасында көйгөйдүн курчтугун аныктоо үчүн өз изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Натыйжада анкетадагы максаттуу топтордун бири





– айыл өкмөтүнүн каржы-экономикалык бөлүмүнүн кызматкерлеринин жоопторунун негизинде муниципалдык кызматтын актуалдуу маселелери боюнча 10 окуу модулунун ичинен темалардын тизмеси түзүлгөн (4-табл.).

Моделди пилоттук тестирлөөдө консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар Кыргыз Республикасынын учурда иштеп жаткан мыйзамдарынын талаптарына ылайык өткөрүлөт. Ушул тапта бул процесс башталып калды.

Окуу модулдары иштелип чыгар замат окуунун өзүн өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кезек жетет. Аларга тандоодон өткөн жогорку окуу жайлар жана башка билим берүүчү уюмдар, анын ичинде жеке уюмдар катышат деп болжолдонууда. Андан соң Караколдо 20-25 адамдан турган бир окуу тобуна (Ысык-Көл облусунун айыл өкмөттөрүнүн каржы-экономикалык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери) окутуу өткөрүүчү уюм тандалып алынат. Болжол менен бул процесс 2014-жылдын башында ишке ашат. Курстардын узактыгы: күн сайын 8 сааттан 18 окуу, же 21 календардык күн.

Окуу тобунун курамына кошулуу үчүн милдеттүү шарт – курска жиберилип жаткан кызматкердин чыгымдарын (жол кире, убактылуу жашап туруу үчүн батирди ижарага алуу; күнүмдүк жашоо үчүн зарыл болгон кошумча каражат). Ошол акча билим алуу үчүн келген кызматкерге окуусу аяктаганга чейин жете тургандай болуш керек.

Окутуу башталганга чейин Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери жана адистери айыл өкмөтү менен муниципалдык кызматчынын ортосунда түзүлө турган келишимдин долбоорун иштеп чыгышат. Ал келишимде эгерде муниципалдык кызматчы курстан өткөндөн кийин 2-3 жылдын ичинде өз каалоосу менен ишин таштап кетсе, айыл өкмөтүнө окутуу үчүн кеткен чыгымдардын ордун толуктап бериши керек деген пункт киргизилет.

Моделдин пилоттук тестирлөөсүн өткөрүү маалында окутууга кеткен чыгашалар моделде келтирилген схема боюнча жабылат: Заказ берүүчүдөн (Мамлекеттик кадр кызматы) республикалык бюджеттен кеткен чыгашаларын Долбоор, жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын айыл өкмөтү жабат.

Ысык-Көл облусунун айыл өкмөт башчылары азыртадан эле каржы-экономикалык маселелерди чечүү кызматтык милдетине кирген бир кызматкерин курска жиберүү тууралуу табыштаманы жолдой берүү жөнүндө ойлоно берсе болот.

**Кошумча маалыматты**
**9.00дөн 18.00гө чейин алсаңыз болот.**
**Телефондор: (0312) 976530, 976531;**
**факс: (0312) 976529,**
**электрондук почтанын дареги:**
**Kumushbekov@dpi.kg**

***Нурдин КҮМҮШБЕКОВ,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун муниципалдык кызмат боюнча адиси*



# АКТИВДҮҮ БЮДЖЕТТИК БААРЛАШУУ

## *2014-жылга карата жергиликтүү бюджеттердин долбоорлору боюнча коомдук угуулардын хроникасы*

Мамлекеттик башкаруу системасындагы өкмөттүн райондук бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролун күчтөндүрүүгө багытталган акыркы реформатордук демилгелери өзгөрүүлөр болот деген үмүттү жандырды. Кийинки жылга бюджетти талкуулай баштагыла деген буйрукту жогору жактан күтүп отура бербестен, айрым айылдарда адамдар ушул маанилүү маселени коомдук угуулардын күн тартибине алып чыкканга үлгүрүштү.

Ысык-Көл жана Жалал-Абад облусундагы бир катар айыл өкмөттөрүндө кызуу талкуулар жүрдү. Бул жолку коомдук угуулардын мурдагылардан айырмасы: бюджеттин долбоору демилгелүү топтордун сунуштарын эсепке алуу менен түзүлгөн. Башкача айтканда, калктын кеңири катышуусунда ишке ашты. Бул жолу айкындуулук көбүрөөк болду: бюджет долбоорун талкууга алып чыгардан мурда айыл өкмөттүн аппараты толугу менен казынага түшө турган бардык жергиликтүү салыктарды, ошондой эле жалпы мамлекеттик салыктардын үч түрүн чогултуудан түшө турган кирешени эсептеп чыкты. Алынган эсептерди экономисттер жана финансисттер өзүнүн жүйөлүү сунуштарын киргизген демилгелүү топтордун лидерлери менен талкуулашты.

Көп иштер жасалып калганын белгилей кетүү зарыл: Улуттук статкомдун, Салык кызматынын, Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин маалыматтарын чогултуп, андан соң бардык сандарга анализ жүргүзүп, жалпылаштырып, демилгелүү топтун лидерлеринен сунуштарды алып, андан кийин гана коомдук угуулардын жардамы менен ошол маалыматтарды калктын кеңири катмарына жеткириш керек эле. Мындан тышкары канча киреше күтүлүп жатканын жана аларды канткенде жакшыраак сарптаса болорун баары түшүнө тургандай экономикалык божомол тууралуу жөнөкөй, жеткиликтүү тилде айтып берүү зарыл.

Айталы, мисалы, пилоттук Ак-Чий АА каржы бөлүмү айылдык кеңештин төрагасы жана депутаттары, ошондой эле аймактын лидерлери менен биргеликте бизнестин

субъекттерин ыктыярдуу патенттөөдөн түшкөн салыкты эсептеп чыгышты: трактордун, комбайндардын ишинен, сүт чогултуудан, мал жаюудан ж.б. кызмат көрсөтүүлөр. Бостери аймагында капиталдык курулуштар жана бизнес субъекттеринин жеңил конструкциясы үчүн айыл чарба багытындагы эмес жерлерге салык тууралуу маалыматтар жаңыртылды. Багыш айылдык аймагында АӨ бюджетине түшүп, аны толуктай турган биринчи топтогу салыктар боюнча кыймылсыз мүлккө салынчу салыктан чыныгы кирешени аныктап алышты.

Албетте колдо жаңыртылган, тагыраак жана ишенимдүү маалыматтар болсо, кийинки жылга пландарды кура берсе болот. Мына ошондуктан бюджеттик угуулар элеттиктер үчүн чоң окуя болуп калды – куру сөздөрдүн ордуна конкреттүү маалыматтар келди.

## *Ак-Чий айылдык аймагында иш кандай болду?*

Адегенде айыл өкмөтүнүн аракеттерин белгилей кетүү зарыл. Анын кызматкерлери коомдук угууларды башынан аягына чейин коштоп жүргөн жакшы маалымат өнөктүгүн өткөрүштү. Өз убагында 2014-жылдын бюджети тууралуу маалымат жазылган баннерлер даярдалып илинген, бет ачар даярдалган, үч айылдагы үй чарбачылыктарынын бардык ээлерине чакыруу барактары таратылып берилген.

АӨ кызматкерлери улуттук кийимдерди кийип, атка минип алып, үн күчөткүч менен адамдарды угууларга чакырышкан. Бул акылдуу пиар ыкма эл чакырылып жаткан жыйын өзгөчө маанилүү болгонун тастыктап турду. АӨ жана АК атынан буга чейинки бюджеттик угуулардын активдүү катышуучуларына төмөнкү номинациялар боюнча белек ыйгаруу да майрамдык маанайды жаратты:

1) эң кызыктуу суроо,
2) мыкты сунуш,
3) катышуучулардын эң улуусу.

Активисттердин аракети текке кеткен жок. Элеттиктер баарлашууга активдүү кошулуп кетишти. Сунуштар залдан үзгүлтүксүз түшүп жатты... Баары болуп угуулар маалында катышуучулардан 9 оозеки жана 4 жазуу түрүндө суроолор жана сунуштар түштү. Талкуунун мүнөзүн чагылдырып берген стенограмманын бир бөлүгүн сунуштайбыз:

Б. ШАЙЫЛДАЕВ: “2014-жылдын бюджетине көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн каражат киргизилеби?”.

АӨ башчысы Б. ИСАЕВ: “Бул маселе боюнча иш алып баруудабыз. Бул маселени чечсе болорун тастыктаган алдын ала анализ бар. Бирок бардык айылдарды жапырт жарыктандыра албайбыз. Ошондуктан Ак-Чий айылынын борбордук көчөсүнөн баштасак болот. Анткен менен ага чейин калктан акча чогултуу маселесин иштеп чыгуу зарыл”.

Конок катары чакырылган Боз-Учук АӨ башчысы М.ЖУСУПОВдун кеңештери орундуу болду. Ал бардык деталдарын сүйлөшүп алып, керектөөчүлөрдүн жоопкерчилигин аныктап алуу зарыл экенин белгиледи. Турмуш көрсөткөндөй, лампаларды пайдаланууда айрым кыйынчылыктар чыгууда, алар күйүп кетет, андыктан алмаштырып туруш керек. Бул болсо кошумча чыгашаларды талап кылат жана АӨ дайыма эле ага акча бөлүп тура албайт.

К. ЖАКШЫЛЫКОВ:“Бюджет долбоорунда 13% маданиятка жана спортко бөлүнөт экен. Бирок чындыгында спортко өтө аз акча бөлүнүп, каражаттын ири бөлүгү маданий иш-чараларга, майрамдарга кетип калууда. Маданиятка кеткен чыгашаны азайтып, көбүрөөк каражатты спорттун өнүгүүсүнө жумшоону сунуштайм. Анткени, атүгүл жол чыгашаларына бөлүнгөн каражаттын жетишсиздигинен жергиликтүү спортчулар мелдештерге бара алышпай жатат”.

АК төрагасы Э. ЖАНТАЕВ: “Сиздин сунушуңузду кеңештин сессиясында карап чыгуу үчүн спорттук иш-чаралардын планын жана чыгашалардын сметасын киргизиңиз”.

Угуулардын натыйжасында иш планы түзүлүп, ал жакка катышуучулардын бардык сунуштамалары жана сунуштары кирди.

## *Тогуз-Торо аймагында төмөнкү көйгөйлөргө көңүл бурулду*

Коомдук угуулар өткөрүлгөн ЭКБА-сессиялары боюнча маалымат берүүдөн башталды. ЭКБА-сессиялары 30 көйгөйдү аныктап, анын 11 биринчи кезекте чечилиш керек деп, артыкчылыктуу катары тандалып алынды. Алар боюнча ДТ (демилгелүү топтор) түзүлүп, АК бекиткен биргелешкен аракеттер планы даярдалды. Алгачкы жолу ко-





омдук угуулар ушул жылдын 28-февралында өткөн. Ошол маалда 2012-жыл үчүн бюджеттин аткарылышы тууралуу сөз болгон. АӨ башчысы У. КОЧОРБАЕВ 2014-жылга карата бюджеттин долбоорун түзүү боюнча азыркы коомдук угуулар кошумча маалыматты жана сунуштарды алуу, ошондой эле АӨ тарабынан берилген сунуштарга жамааттын колдоосун же каршы болгонун аныктоо үчүн маанилүү болгонун белгиледи. Угуулар маалында анын катышуучулары бир катар нерселерге көңүл бурушту:

Ж. ЖАНАЛИЕВ, мугалим: “КТРК телемунарасынын жана асфальто-бетон заводунун ишинен түшкөн акчаны көбөйтсө болобу?”.

У. КОЧОРБАЕВ, АӨ башчысы: “КТРК жер салыгын төлөйт. Ал эми асфальто-бетон заводун айта турган болсок, бул объект ээлеген аянтты карап чыгып, андан соң салыктын суммасын аныктайбыз”.

К. САРТБАЕВ, пенсионер:“Менде 3 суроо бар: кайсы каражаттын эсебинен маалыматтык борбор уюштурулат? Додомол айылындагы клуб качан иштей баштайт? Жайыт комитеттеринен акча каражаттары түшүп жатабы?”

У. КОЧОРБАЕВ: “Маалыматтык борбор АӨ имаратында пайда болот. Ал эми буга чейин маалыматтык борбор болот деп жатканы жаштар борборуна айланат. Акча каражатын биз республикалык бюджеттен суроону пландап жатабыз. Спорттук шаймандарды сатып алуу үчүн клубга 120 миң сом бөлүнөт”.

И. КАЛМАНБЕТОВА, жайыт комитетинин бухгалтери: “Ушул жылы 40,0 миң сом түштү. Алардын ичинен айыл өкмөтүнө 6 айдын ичинде 10,5 миң сом которулду. Калган сумма жылдын аягына чейин күтүлүүдө”.

Угуулар учурунда талкуу предметтүү болушу үчүн АӨ аппаратынын кызматкерлери сурамжылоо жүргүздү. Төрт суроону камтыган анкета бардык катышуучуларга таратылып берилди. Аларга кайсы маселени (ички жолдор, жарыктандыруу, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү, маданий-спорттук иш-чаралар). Ошондой эле 2014-жылга карата бюджеттин долбооруна сунуштар киргизүүнү өтүнүштү.

Эң көйгөйлүү деп биринчи орунга жолдор чыкты – 33 добуш. Экинчи орунда көчөлөрдү жарыктандыруу турат – 29 добуш. Үчүнчү орунда жашылдандыруу жана көрктөндүрүү – 24 добуш. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн катышуучулар коомдук угууда эң артыкчылыктуу катары талкуулашып, 2013-2015-жылдарга айыл өкмөтүнүн орто мөөнөттүү программасына киргизишти.

## *Пилоттук эмес Ак-Коргондо кызыл чеке талкуу*

Бул айылдык аймакта коомдук угуулар клубда өтүп, ага 89 адам катышты. Алардын он үчү айылдык кеңештин депутаттары. Башталганда эле каржы-экономикалык бөлүмдүн жетекчиси чыгаша жана киреше бөлүктөрдүн сандарын жарыялаар замат бюджет кызуу талкууга алынды. Адамдар биринчи жолу мындай талкууга катышып жаткандыктан бюджет тууралуу маалымат аларды бир топ толкундандырып жиберди. Өзгөчө чыгашалар. Атүгүл экономикадан алыс болгондор да көйгөйлөрдөн обочодо калбай, өз сунуштарын берип жатышты. Өзгөчө активдүүлүктү аялдар көрсөттү. Аларды бала бакчалардын жана мектептердин бюджети кызыктырды. Ал эми эркектер айыл чарбасын өнүктүрүүгө жана айылдын ички жолдорунун абалын жакшыртууга кызыгышты.

И. АБДУХАЛИЛОВ, Баястан айылынын башчысы: “Бюджетти түзүп жатканда аны ким менен талкуулап, кимдин практикасын колдондуңар?”

М. АБДУЛЛАЕВ, каржы-экономикалык бөлүмдүн башчысы: “Азыр силердин колуңардагы бюджетти биздин айыл өкмөттүн бөлүмүнүн адистери түздү. Алар Өнүктүрүү саясат институтунун семинарларында окуудан өтүшкөн. Ошондой эле өткөн жылдардын тажрыйбасы колдонулду. Бюджеттин бул долбоору силерден түшкөн сунуштар менен толукталат жана зарыл болгон учурда кайра каралып чыгат”.

Т. АШУРАЛИЕВ, пенсионер: “Жеке ишкерлердин эсеби жүргүзүлүп турабы? Алар салыкты өз убагында төлөп жатышабы? Мен дүкөндөр, такси айдоочулар, май бышкыч цехтер тууралуу айтып жатам”.

М. АБДУЛЛАЕВ: “ИНН номурлары жана жайгашкан жерлери, салыктар тууралуу маалыматтарга ээбиз. Бирок негизги маалыматтар райондун МСКБда сакталат. Райондук салык инспекторлору менен биргеликте биздин инспекторлор жыл сайын акча чогултуп турушат. Айрым такси айдоочуларын кошпогондо, жеке ишкерлер салыкты өз убагында төлөп турушат”.

О. МУЗАКПАРОВ, каржы-экономикалык бөлүмдүн адиси: “Сафед-Булан айылындагы суу түтүгү Чанач-Сай дарыясынан башат алат. Андан биздин тургундар суу ичишет. Суу кашаасы ачык, тосмолор, тазалоочу жабдуулар жок. Бул болсо булактын булганышына алып келүүдө. Ушул себептен улам калк арасында түрдүү оорулар пайда болуп турат. 2014-жылы резервуар, хлоратор станциясын курууну жана суу кашаасын курчап чыгууну сунуштайм. Бул үчүн “Спорт жана маданият” беренеси боюнча чыгашаны 200,0 миң сомго



кыскартып, ал акчаны ТКЧга өткөрүп берүү керек”.

Б. ДООРАНОВА, пенсионер жана АК депутаты: ”Башка чыгашалар” деген беренени кыскартуу керек жана акчаны балдар аянтчасын калыбына келтирүүгө (төрт бала бакчадагы) жолдоп, наристелердин тамактануусун жакшыртуу үчүн ата-энелерден алган акыны көбөйтүү зарыл”.

З. МИЛИЕВА, коомдук фонддун жетекчиси, АК депутаты: “АЖКБФ жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу маселелери боюнча ушундай эле угууларды өткөрүү керек”.

Бир караганда эле жалпы кызыкчылыкты алып кетүү оңой эмес. Бюджет үчүн алгылыксыз сунуштар да айтылды. Мисалы, бир нече комбайн сатып алуу сунушталды. Түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндөн кийин калк акча каражатынын тартыштыгынан улам айыл чарба техникасын сатып алуу мүмкүн болбогонун түшүндү. Мунун ордуна башка жолдорду издеш керек.



Элеттиктер бюджетти көзөмөлдөсө болоруна, акча өз дареги менен сарпталып жатканына бара-бара көзү жете баштады. Натыйжада айыл өкмөтү жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын кароосуна киргизе турган бюджеттин беренелери боюнча сунуштар жылдын аягында баары көрө тургандай жерге илинет деп чечилди.

Айыл өкмөтүндө болуп жаткан окуяларга көз чаптырып, калктын, ЖӨБ органынын жана депутаттык корпустун биргелешкен иши айылды жакшы жагына өзгөртүүгө жөндөмдүү деген тыянакка келесиң. Түшкөн сунуштар 2014-жылга карата бюджеттин долбооруна сунуштамалар катары бюджет боюнча туруктуу комиссияларга өткөрүлүп берилет жана аларды аткаруу планы иштелип чыгат.

**_Огууларга катышкан пилоттук жана пилоттук эмес АӨ саны боюнча статистика. Баары болуп 1524 адам катышты_**

| № | Пилоттук АӨ аталышы | Катышуучулардын саны |
|---|---|---|
| 1 | Көк-Таш АӨ (Ала-Бука району) | 62 адам |
| 2 | Сумсар АӨ (Чаткал району) | 75 адам |
| 3 | Улахол АӨ (Тоң району) | 64 адам |
| 4 | Арал АӨ (Түп району) | 60 адам |
| 5 | Липенка АӨ (Жети-Өгүз району) | 65 адам |
| 6 | Ленин АӨ (Сузак району) | 84 адам |
| 7 | Сакалды АӨ (Ноокен району) | 51 адам |
| 8 | Тогуз-Торо АӨ (Тогуз-Торо району) | 61 адам |
| 9 | Багыш АӨ (Сузак району) | 101 адам |
| 10 | Ак-Чий АӨ (Ак-Суу району) | 122 адам |
| 11 | Төрт-Күл АӨ (Тоң району) | 93 адам |
| 12 | Жаңы-Жол АӨ (Аксы району) | 65 адам |
| 13 | Бешик-Жон АӨ (Базар-Коргон району) | 38 адам |
| 14 | Ивановка АӨ (Ысык-Ата району) | 42 адам |
| **Баары:** | | **983 адам** |
| **№** | **Пилоттук эмес АӨ аталышы** | **Катышуучулардын саны** |
| 1 | Тоң АӨ (Тоң району) | 50 адам |
| 2 | Дархан АӨ (Жети-Өгүз району) | 65 адам |
| 3 | Ак-Коргон АӨ (Ала-Бука району) | 89 адам |
| 4 | Балтагулов АӨ (Ала-Бука району) | 69 адам |
| 5 | Терек-Сай АӨ (Чаткал району) | 51 адам |
| 6 | Кара-Суу АӨ (Тогуз-Торо району) | 41 адам |
| 7 | АкманАӨ(Базар-Коргон району) | 92 адам |
| 8 | Могол АӨ (Базар-Коргон району) | 46 адам |
| 9 | Кызыл-Үңкүр АӨ (Базар-Коргон району) | 38 адам |
| **Баары:** | | **541адам** |

**_Роза СУРАНЧИЕВА,_**
_Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун ЖӨБ боюнча адиси_

# Элет тургундарынын саламаттыгы менен жергиликтүү бюджетти кантип айкалыштырса болот??

Карапайым адамдардын саламаттыгынын аныктоочулары (детерминанттар) – таза сууга жеткиликтүүлүк, санитардык абал, тазалык, коопсуз турак жай жана башка биздин күнүмдүк турмушта колдонгондорубуз Өнүктүрүү саясат институтунун көңүл чордонунда. Бул күздө коомдук уюм "Элеттик саламаттык комитеттеринин үнү[1] жана Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарында саламаттыктын детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" Долбоорун ишке ашырууга киришти.

- Алдыга коюлган тапшырмаларды аткаруу үчүн колдо болгон ресурстардын баарын мобилдештирүүдө Элеттик саламаттык комитеттери (ЭСК) менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда диалог түзүү – жакынкы жылдары биздин негизги максатыбыз, - деп билдирди ӨСИ башчысы Надежда ДОБРЕЦОВА.

Анын айтымында, детерминанттар ар бир адамдын да, жалпысынан жамааттын да абалына чоң таасирин тийгизет. Өзгөчө муну элеттиктер курч сезет. Мына ошолор Долбоордун ишмердигинен пайда алышы керек. Долбоордун планында төрт жылдын ичинде республика боюнча Элеттик саламаттык комитеттеринин дараметин бир кыйла жогорулатуу жана ЭСК Ассоциациясынын ишин активдештирүү каралган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы көптөгөн эксперттер алардын практикасында биринчи жолу калктын саламаттыгын сактоого жана бекемдөөгө багытталган секторлор аралык саясатты түзүүдө жана жакшыртууда жардам көрсөтүү боюнча өтө оор, бирок зарыл тапшырманы аткарышы керектигин белгилеп жатышат. Анткени бул Саламаттык сактоо министрлигинин, башка тармактар менен секторлордун гана эмес, жалпы жамааттын аракеттерин талап кылат. Долбоордун уникалдуулугу мына ушунда жатат.

Долбоордун алкагында элеттик саламаттык комитеттери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен байланышты бекемдейт, өнөктөштүк мамилелерди түзүшөт жана элет жеринде саламаттыктын детерминантын жакшыртуу боюнча биргелешкен иштерди жүргүзөт. ЭСКны ушул Долбоордун алкагына киргизилген ЖӨБнын негиздерине үйрөтүү жана алардын биргелешкен ишмердикке катышуусу саламаттыкка таасир тийгизе турган жашоо шарт маселелеринде ЖӨБ органдарына жамаат алдында дагы да айкын жана жооптуу болууга жардам берет. Жергиликтүү бийлик органдары элет калкынын саламаттыгына жана жашоо сапатына таасирин тийгизе турган көйгөйлөргө көбүрөөк көңүл бурушмакчы.

Алдыга коюлган тапшырмаларды ишке ашыруунун жүрүшүндө алынган изилдөөнүн жана анализдин натыйжалары бардык кызыкдар тараптарга түзүлгөн кырдаалды жеринде жакшыраак түшүнүүгө жардам берип, адамдардын керектөөлөрүнө ыкчам реакция жасоого мүмкүнчүлүк берет. Бул үчүн долбоордун аткаруучулары – Өнүктүрүү саясат институту жана ЭСК Ассоциациясы – тийиштүү мамлекеттик органдарга алынган натыйжалар тууралуу маалыматты үзгүлтүксүз берип турууну пландоодо. Бул маанилүү жана эң негизгиси биринчи булактан алынган эң жаңы маалыматтар саясий чечим кабыл алган жоопту кызматкерлер, анын ичинде КР Саламаттык сактоо министрлиги үчүн кошумча маалымат булагы болуп калмакчы.

Ошондой эле долбоор саламаттыктын детерминанттарын жакшыртуу процессине калктын кеңири катмарын тартуу үчүн шарттарды түзүп, тийиштүү мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын социалдык жоопкерчилигин арттырууга көмөктөшөт. Бул болсо өз кезегинде айкындуулукту жана бюджеттик ачыктыкты баалоодо Кыргызстандын аброюн жана рейтингин көтөрөт.

Өнүктүрүү саясат институту алдыга коюлган максатка жетүү ишинде Социалдык жоопкерчилик боюнча глобалдык өнөктөштүктү (СЖГӨ) колдойт. Бул уюмду донорлордун, өкмөттүн жана жарандык коом уюмдарынын коалициясы десе болот. Бул долбоор Глобалдык өнөктөштүктүн алкагында каржыланган пилоттук экенин белгилей кетүү зарыл. Бул Глобалдык өнөктөштүктүн биздин өлкөдөгү алгачкы тажрыйбасы.

Маалымат үчүн кошумчалай кетсек, ӨСИ катаал атаандаштыкты жеңүү менен долбоорду ишке ашыруу укугуна ээ болгон. 216 табыштаманын арасынан өтө кылдат карап чыккан соң, 12 табыштама тандалып алынды. Анын ичинде Өнүктүрүү саясат институтунун табыштамасы да бар болчу. ӨСИ – кыргызстандык бейөкмөт уюм. Анын миссиясы жергиликтүү жамааттарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына адамдын татыктуу жашоо укугун жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусуна көмөктөшүүдө камтылган.

***Айнура ЖУНУШАЛИЕВА,***

*Элеттик саламаттык комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасынын элеттик жамааттарында саламаттыктын детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык жоопкерчилиги" Долбоорунун менеджери*

1 Элеттик саламаттык комитеттеринин максаты – айыл жамааттарына өз ден соолугун жакшыртуу үчүн өз алдынча аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн берүү. Бул кеңири түйүн жана республика боюнча 1670 Элеттик саламаттык комитети бар. Алардын баары улуттук Элеттик саламаттык комитеттер Ассоциациясына бириккен.

# Социалдык өнөктөштүк үчүн глобалдык өнөктөштүк алгачкы гранттарды берүү тууралуу жарыялады

GLOBAL PARTNERSHIP FOR SOCIAL ACCOUNTABILITY

Вашингтон, 2013-жылдын 2-октябры. Социалдык жоопкерчилик үчүн Глобалдык өнөктөштүк (GPSA) өнүгүп келаткан өлкөлөрдө башкаруунун маанилүү маселелерин чечүү максатында жарандык коомдун мамлекеттик башкаруу органдары менен кызматташуусу боюнча долбоорлордун алкагында алгачкы гранттарды бекиткенин жарыялады.

Алдыдагы беш жыл ичинде жалпы суммасы 9 млн. АКШ доллары болгон GPSA’нын гранттары өнүгүп келаткан 10 өлкөдө 12 жарандык коом уюмуна (ЖКУ) стратегиялык колдоону камсыздайт.

“GPSA тандап алган долбоорлор өнүгүүнүн түрдүү жаатында башкаруунун айрым бир фундаменталдык көйгөйлөрүн чечүүдө ушул өлкөлөр үчүн өзөктүк мааниге ээ болот. Айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатууга дем берүү менен, алардын өкмөттөрү калктын өзгөчө аярлуу катмарларына дагы да сапаттуу кызматтарды көрсөтө алышмакчы”, - деп билдирди Дүйнөлүк банктын Өзгөрүүлөр, маалыматтык иш жана окутуу маселелери боюнча Уюмдар тобунун Башкармалыгынын вице-президенти жана грант алуучуларды тандаган GPSA Координациялык комитетинин төрагасы Санджей ПРАДХАН. Координациялык комитеттин курамына ошондой эле жарандык коом уюмдарынын, донорлордун жана өкмөттүн өкүлдөрү кирет.

12 грант Бангладештин, Доминикан Республикасынын, Индонезиянын, Кыргыз Республикасынын, Малавинин, Мозамбиктин, Молдованын, Тажикстандын, Тунистин жана Филиппиндердин жарандык коом уюмдарына жиберилет. Алар 2013-жылдын февраль айында GPSA табыштамаларды кабыл алуу тууралуу өзүнүн алгачкы жарыясын жайгаштырган соң келип түшкөн 216 табыштаманын ичинен тандалып алынды. Эксперттердин эл аралык тобу табыштмалардын техникалык сапатына жана сунушталган долбоорлордун күтүлүп жаткан таасир этүүсүнө көңүл бурду.

“Ушул гранттарга карата GPSA колдонгон уникалдуу мамиле өнүгүү көйгөйлөрүн чечүү боюнча иштерде жарандар менен мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө милдетин аркалайт”, - деп билдирди GPSA программаларынын жетекчиси Роби СЕНДЕРОВИЧ. “Бул өз кезегинде жакырчылыкты жоготуу жана жалпы өнүгүүгө көмөктөшүү боюнча алдыга коюлган максаттарга жетүүдө өлкөлөргө жардам берет”.

Долбоорлор консультативдик процесстин жардамы менен ар бир өлкөдө аныкталган башкаруудагы бир катар көйгөйлөргө карата социалдык отчеттуулук методологиясын колдонушмакчы. Мисалы, Кыргызстанда Өнүктүрүү саясат институту Элеттик саламаттык комитеттерине саламаттыктын детерминанттар чөйрөсүндөгү калктын артыкчылыктарын жергиликтүү бюджетте чагылдырууга жардам берет. Малавиде болсо GPSA мобилдик байланыш технологияларын жана башка ыкмаларды колдонуу жолу менен мугалимдердин ишке чыкпаган жана мектептердеги коррупция көйгөйлөрүн чечүү менен алектенген эки жарандык коом уюмун (CARE Malawi жана Экономикалык мыйзамдуулук үчүн Малавиялык түйүн) колдоп берет. “GPSA бизге өкмөт менен байланышты түзүүгө жардам берет деген кабарга сүйүнүп турабыз. Бул болсо Билим берүү министрлигине биздин долбоордун алкагында алынган маалыматты Малавинин билим берүү секторундагы мамлекеттик сатып алуулар саясатын жакшыртуу үчүн пайдаланууга жол ачат, - деп билдирди Экономикалык мыйзамдуулук үчүн Малавиялык түйүн уюмунун аткаруучу директору Давитсо КУБАЛАСА. – Биз баарыбыз биздин мамлекеттик булактардан өзгөчө балдарыбыздын билим берүүсү үчүн түшүп жаткан акчадан мүмкүн болушунча көбүрөөк пайданы алууга жардам берген социалдык отчеттуулуктун бекем системасын түзүүгө кызыкдарбыз”.

GPSA донорлордун, өкмөттөрдүн жана жарандык коом уюмдарынын альянсын элестетет. Бул альянсы башкаруудагы көйгөйлөрдү чечүү максатында жарандык коом менен мамлекеттик башкаруу органдарынын аракеттеринин биригүүсүнө көмөктөшөт. Дүйнөлүк банктын мамлекеттик секторлор менен түздөн-түз кызматташуусунун тажрыйбасына таянуу менен, GPSA жагымдуу шарттарды түзгөнгө умтулат. Мындай шарттарда жарандар менен түзүлгөн кайра байланыш кызмат көрсөтүүлөргө жана мамлекеттик институттарды бекемдөөгө байланышкан өтө маанилүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн колдонула алмак.

GPSA’нын ишмердигин көп тараптуу траст-фонд каржылайт. Бул транс-фондго Дүйнөлүк банк 20 млн. АКШ долларын, ал эми Ford Foundation 3 млн. АКШ долларын салган. Параллелдүү каржылоо формасында Open Society Foundations 3 млн. АКШ долларын салган. Aga Khan Foundation уюму да GPSA’ны каржылоого катышарын жакында эле жарыялады.

*Гранттарга табыштамаларды кабыл алуу тууралуу кийинки жарыяны GPSA 2013-жылдын ноябрь айында жайгаштырат.*



# БӨУ менен ЖӨБдүн өнөктөштүгү: муниципалдык социалдык заказдын мүмкүнчүлүктөрү

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – бул жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн коомдук бийликти уюштуруунун жөн гана формасы эмес. ЖӨБ органдары – калкка баарынан да жакын турат жана жарандардын бардык топторунун, өзгөчө социалдык жактан корголбогон топтордун муктаждыктары тууралуу баарынан да жакшы билишет (же билиши керек). ЖӨБ органдарынын көңүл чордонуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамда сүрөттөлгөн гана эмес, түрдүү башка маселелер да кирет. Салттуу болуп калган таштанды жана суу менен камсыздоо маселелеринен башка, ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын социалдык өнүгүүсү менен алектенип, маданий жана спорттук өнүгүүнү, жаштар, аялдар жана кары адамдар үчүн бош убакытты өткөрүүнү уюштуруп, жамаатты заманбап жашоонун түрдүү маселелери боюнча агартууга көмөктөшүү керек. Анткен менен ЖӨБ органдарында керектүү квалификацияга ээ адистер дайыма эле боло бербейт, ушул маселелерге тийиштүү көңүл буруу үчүн дайыма эле адамдык ресурстар жана убакыт жетиштүү болбойт. Мындай учурда социалдык чөйрөдө жергиликтүү өз алдынча башкарууга жардамга бейөкмөт уюмдар келе алмак. Ошону менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказды аткарууга келишимдерди түзгөн буйрутмачы жана социалдык программалардын аткарылышына жооптуу болсо, бейөкмөт уюмдар аткаруучу болмок.***

## *“Мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ” деген эмне?*

Мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ – бул социалдык программаларды (долбоорлорду) ишке ашыруунун жана мамлекеттик (муниципалдык) бюджеттик каражаттардын эсебинен социалдык-экономикалык тапшырмаларды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө багытталган өзүнчө иш-чаралардын формасы (2008-жылдын 21-июлундагы №162 “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” КР Мыйзамынын 1-бер. боюнча).

Мамлекеттик социалдык заказдын максаттары:

- мамлекеттик органдардын (жана ЖӨБ органдарынын) ишмердиги менен камтылбаган же жетишсиз камтылган социалдык жактан мааниге ээ көйгөйлөрдү чечүү;
- социалдык чөйрөгө мамлекеттик эмес булактардан кошумча адамдык, материалдык, каржы ресурстарын тартуу;
- бөлүнгөн каражаттардын максаттуу сарпталышы үчүн аткаруучулардын жоопкерчилигин жогорулатуу;

- социалдык коргоо чараларынын даректүүлүгүн арттыруу;
- калкка социалдык кызматтарды натыйжалуу жана үзгүлтүксүз көрсөтүү үчүн укуктук механизмдерди түзүү;
- социалдык заказды аткаруучулар ортосундагы атаандаштыкты колдоо жана социалдык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу;
- мамлекеттик (муниципалдык) каражаттарды натыйжалуу пайдалануу;
- социалдык кызмат көрсөтүү боюнча базар түзүү (ошол эле мыйзамдын 3-бер. боюнча).

Муниципалитеттин деңгээлинде муниципалдык социалдык заказдын максаттары төмөнкүлөр:

- шаардын же айылдын коомдук мааниге ээ көйгөйлөрүн комплекстүү жана натыйжалуу чечүү жана жашоочулардын социалдык чөйрөдөгү керектөөлөрүн канааттандыруу;
- шаардын же айылдын коомдук мааниге ээ көйгөйлөрүн чечүүдө бюджеттик каражаттарды үнөмдүү пайдалануу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык саясатынын натыйжалуулугун жана даректүүлүгүн жогорулатуу;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы формаларын өнүктүрүү жана аларга колдоо көрсөтүү;
- коммерциялык эмес жана башка уюмдардын кошумча ресурстарын тартуу, ошондой эле муниципалдык социалдык заказды аткарууда жарандарды коомдук мааниге ээ муниципалдык көйгөйлөрдү чечүү иштерине тартуу.

### *Ким аткаруучу боло алат?*

Мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказды аткарууга ЖӨБ органдары менен келишим түзгөн, катталган коммерциялык эмес уюм (саясий партияларды, кесиптик кошуундарды жана диний уюмдарды кошпогондо) мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказды аткаруучу боло алат. Аткаруучу долбоорлордогу сынактын негизинде тандалат. Анда социалдык программаларды ишке ашыруунун өзгөчө натыйжалуу ыкмалары сунушталат (ошол эле мыйзамдын 1-бер. боюнча).

### *Мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ аркылуу кандай маселелерди чечсе болот?*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мамлекеттик социалдык заказ төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн 14 багыт боюнча ишке ашырылат. Анткен менен ушул буклеттеги пилоттук долбоордун алкагында бардык эле көрсөтүлгөн багыттар колдоого алына бербейт (5-таблицаны караңыз).

### *Муниципалдык социалдык заказ кантип түзүлөт?*

Муниципалдык социалдык заказ бюджеттик каржылоосу жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдардын дарамети бар иштеп жаткан социалдык программаларды эсепке алуу менен, муниципалитеттин жашоочуларынын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата аныкталган керектөөсүнө анализ жасоонун негизинде түзүлөт.

### *Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн пайда*

Дүйнөлүк практика далилдегендей, социалдык кызматтарды көрсөтүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында чоң кыйынчылыктар пайда болот. Сапатына көзөмөл жүргүзүү оор, акча көп учурда натыйжасыз сарпталат жана башкалар. Социалдык за-

***5-таблица. Социалдык заказдын багыттары***

| **2008-жылдын 21-июлундагы №162 “Мамлекеттик соицалдык заказ жөнүндө” Мыйзамда көрсөтүлгөн багыт** | **Жарандык коомду колдоо боюнча GIZ (Эл аралык кызматташтык боюнча германиялык коом) Долбоорутарабынан каржылык колдоо алуу мүмкүнчүлүгү** |
|---|---|
| 1) билим берүү, илим, маалымат, дене тарбия жана спорт жаатында максаттарга жетүү; | Колдоо мүмкүн |
| 2) жарандардын саламаттыгын коргоо, сергек жашоо образын үгүттөө; | Колдоо мүмкүн эмес |
| 3) айлана чөйрөнү коргоо; | Колдоо мүмкүн |
| 4) жаштар саясатын жана балдардын демилгесин колдоо; | Колдоо мүмкүн |
| 5) демография көйгөйүн чечүү; | Колдоо мүмкүн |
| 6) гендер көйгөйүн чечүү; | Колдоо мүмкүн эмес |
| 7) калктын социалдык жактан аярлуу катмарын колдоо; | Колдоо инновациялык ыкмаларды камтыган долбоорлорго карата гана мүмкүн |
| 8) жетим балдарга, толук эмес жана көп балалуу үй-бүлөдөн чыккан балдарга жардам берүү; | Колдоо мүмкүн |
| 9) жарандардын ишке орношуусуна көмөктөшүү; | Колдоо мүмкүн |
| 10) жарандардын жана уюмдардын укуктарын, мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо; | Колдоо мүмкүн эмес |
| 11) маданиятты жана искусствону өнүктүрүү; | Колдоо жаштарга багытталган долбоорлорго карата гана мүмкүн |
| 12) тарыхый-маданий мурасты коргоо; | Колдоо мүмкүн |
| 13) коомдук биримдикти бекемдөө; | Колдоо мүмкүн эмес |
| 14) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген социалдык жактан мааниге ээ башка багыттар (ошол эле мыйзамдын 5-бер. боюнча). | Колдоо кошумча талкуудан кийин гана мүмкүн |

каз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөрдү ишке ашырууга жардам берет:

- “процессти башкаруунун” ордуна “натыйжаларды башкаруу” жолу менен социалдык маселелерди чечүүгө чыгашаларды азайтуу;
- келишимдин суммасынан 25% чейинки көлөмдө кошумча каржылоону тартуу (Орусия Федерациясынын жана башка өлкөлөрдүн практикасы боюнча);
- социалдык маселелерди чечүүнүн сапатын жогорулатуу;
- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн даректүүлүгүн күчөтүү;
- жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине жалпысынан канааттануусун жогорулатуу.

## Жарандар үчүн пайдалар

Жалпысынан жарандар үчүн социалдык кызматты ким көрсөтүп жатканы маанилүү эмес – башкаруу органыбы (мамлекеттик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу) же бейөкмөт уюмбу. Негизгиси кызмат көрсөтүүнүн көлөмү жана сапаты канааттандырса болду. Анткен менен тереңирээк карай келгенде, бейөкмөт уюмдар социалдык маселелерди чечүүдө адатта көбүрөөк натыйжага жетишет. Социалдык заказ жарандарга төмөнкүлөрдү ишке ашырууга жардам берет:

- кызмат көрсөтүп жаткан адамга жөнөкөй эле таасир этүү мүмкүнчүлүгүн берет (арызданууу жеңил жана даттануусуна реакция алалат);
- даректүүлүктүн эсебинен жеке көңүл бурууну жана камкордукту сезе алат;
- муниципалитеттин “колу жетпей жаткан” маселелерге көңүл бурдурат, мисалы, кары адамдардын бош убактысын өткөрүүсүн уюштуруу;
- үйүндө же анын тегерегинде кызмат көрсөтүүлөрдү көбүрөөк көрө баштайт;

## Бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар үчүн пайдалар

Коммерциялык эмес бейөкмөт уюмдар да ушул механизмди жайылтуудан өз пайдасын табышат:

- өз миссиясын ишке ашыруунун жаңы мүмкүнчүлүктөрү;
- жаңы мүчөлөрдү же ишмердиктин активдүү катышуучуларын тартуу;
- чыгармачыл, уюштуруучулук жана каржылык дараметти өнүктүрүү;
- коом үчүн маанилүү социалдык маселелерди чечүүгө уникалдуу салым кошуу жана өз айылында, шаарда жашоо шартын жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрү;
- туруксуз донордук каржылоого туруктуу альтернатива түзгөн каржылоонун кошумча булактары;
- жергиликтүү уюмдардын ичинен жаңы демөөрчүлөрдү тартуу;
- акыйкат атаандаштыкты өнүктүрүү.

## Аткарылышы үчүн ким төлөйт?

Социалдык заказдын аткарылышы үчүн мамлекеттик органдар да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да төлөй алат. Бул үчүн алар жыл сайын мамлекеттик социалдык заказ боюнча программаларды (долбоорлорду) каржылоого жергиликтүү бюджеттен каражатты караштыруу укугуна ээ (ошол эле мыйзамдын 8-бер. боюнча).

Социалдык заказдарынын алкагында долбоорлорду ишке ашыруу үчүн БӨУ – аткаруучу БӨУ ишмердигин каржылоо үчүн мыйзамдар уруксат берген башка булактардан каражаттарды жана кошумча донордук каражаттарды тарта алат.

## Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү практика

Кыргыз Республикасында мамлекеттик (муниципалдык) социалдык заказ Социалдык өнүктүрүү министрлигинин линиясы боюнча жайгаштырылат. 2009-2012-жылдардын ичинде министрлик БӨУ арасында балдарды, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана карыларды коргоого багытталган социалдык заказдарды жайгаштырып келген. Кыргызстандын муниципалитеттеринде мыйзамдык, каржылык, кадрдык мүмкүнчүлүктөр болгонуна карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата мындай практиканын кеңири колдонулганы байкала элек.

Социалдык заказ механизми дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө кеңири колдонулуп келет. Мисалы, Болгарияда 2012-жылы социалдык кызмат көрсөтүүлөргө 31 миллион евро бөлүнгөн. Анын ичинен 8 миллиону-на (25% ашыгы) БӨУнун кызмат көрсөтүүсү каржыланган, ошону менен бирге БӨУ мамлекет каржылаган 931 кызмат көрсөтүүнүн 176сын ишке ашырат. Социалдык заказды Орусия Федерациясынын муниципалдык түзүлүштөрү кеңири колдонуп келет. Муниципалдык социалдык заказдын жаркын мисалдарын Латвиядан көрсө болот. Мисалы, жаш энелер (сааты менен иштеген бала бакчалар), кары адамдар үчүн борборлорду, маданий жана спорттук иш-чараларды уюштуруу.

## “Муниципалдык социалдык заказдын негизинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин чечүүдө БӨУ менен ЖӨБнын өнөктөштүгү” Долбоору эмне иш аткарат?

Долбоордун негизги максаты – Кыргыз Республикасынын 12 муниципалитетинде БӨУ менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматташтыгынын жаңы формаларын жана ыкмаларын муниципалдык социалдык заказ түрүндө сунуштоо жана бекитүү.


Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо, муниципалдык (социалдык) заказды түзүү жана жайгаштыруу, ошол заказдын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана аны баалоо, жол-жоболорун жөнгө салуу жана алынган тажрыйбаны сүрөттөп берүү циклдерин эсепке алуу менен долбоор болжол менен 12-18 айга эсептелген (2013-жылдын сентябрында башталды). Ошону менен бирге долбоор үч логикалык бөлүккө бөлүнөт (1-сүрөт). Алар эки фазанын аралыгында аткарылат (2-сүрөт).

Узактыгы 9 айдан ашпаган биринчи фазанын алкагында төмөнкү аракеттер каралган:

***1-сүрөт. Долбоордун логикалык бөлүктөрү***




***2-сүрөт. Долбоордун фазалары***




- Кыргыз Республикасынын 12 муниципалитетинде ЖӨБ органдарын БӨУ менен кызматташуу принциптерине окутуу, Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоону өткөрүү жана социалдык чөйрөдө муниципалдык заказды ишке ашыруу;
- бюджеттер аралык мамилелердин жаңы шарттарында ЖӨБ органдарын муниципалдык каржыны башкарууга үйрөтүү
- 12 муниципалитетте артыкчылыктуу социалдык маселени аныктоо боюнча иш-чаралардын комплексин өткөрүүгө колдоо көрсөтүү;
- БӨУ жана демилгелүү топторду долбоорду иштеп чыгуу механизмине окутуу;
- 12 муниципалитетте артыкчылыктуу социалдык маселелерди чечүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча демилгелүү топтордун жана БӨУнун иштерине көмөктөшүү;
- 12 артыкчылыктуу социалдык долбоор БӨУнун күчү менен аткарылышы реалдуу жана мүмкүн болгонуна техникалык экспертиза жүргүзүү;
- БӨУну жана жамааттардагы демилгелүү топторду мониторинг жүргүзүү жана баалоо механизмдерине окутуу;
- социалдык чөйрөдөгү муниципалдык заказды ишке ашыруу механизмин жайылтуу боюнча ЖӨБ органдарынын каржылык бөлүмдөрүнө жергиликтүү бюджеттер аркылуу техникалык колдоо көрсөтүү
- Алынган практиканы жалпылаштыруу жана Кыргыз Республикасынын 12 муниципалитетинде алынган практиканын негизинде муниципалдык заказды жайгаштыруу жолу менен социалдык чөйрөдө жергиликтүү жамааттар үчүн артыкчылыктуу болгон долбоорлорду ишке ашыруунун методикасын жана жол-жоболорун сүрөттөп берүү.

Экинчи фазанын узактыгы тандалып алынган долбоорлордун мүнөзү менен аныкталат. Бул фазада Долбоорду аткаруучу төмөнкү тапшырмаларды аткарат.

- пилоттук муниципалитеттердин ЖӨБ органдарын мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна жаңы мыйзамдарга ылайык окутуу;
- ачык коомдук сынакты өткөрүүгө техникалык колдоо көрсөтүү;
- Мониторинг жана баалоо боюнча биргелешкен топтун ишине көмөктөшүү;
- Муниципалдык социалдык заказ механизмине методологиялык анализ жүргүзүү, жалпылаштыруу, ченемдик базада бекитүү боюнча сунуштар.

## *Долбоор тууралуу кошумча маалыматты кантип алса болот?*

Пилоттук муниципалитеттерге же Өнүктүрүү саясат институтуна кайрылса болот: Бишкек ш., Усенбаев көч., 44-үй, телефондор: (0312) 97-65-30, 97-65-31, факс: (0312) 97-65-29, расмий веб-сайт www.dpi.kg

Мындан тышкары сиз долбоордун эксперттерине кайрыла аласыз:

**Баткен жана Талас облустары** боюнча эксперттер –
*МУСАЕВА Анара* (AMusaeva@dpi.kg) жана
*СУРАНЧИЕВА Роза* (RSuranchieva@dpi.kg);
**Жалал-Абад облусу боюнча эксперттер** –
*МАЙРАМБЕКОВ Султан* (SMairambekov@dpi.kg)
жана *ОСМОНКУЛОВ Танат* (TOsmonkulov@dpi.kg)

***Надежда ДОБРЕЦОВА,***
*Өнүктүрүү саясат институту*

# “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына сереп

***2013-жылдын 12-июлунда көпкө күтүлгөн “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым бир мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” Мыйзам күчүнө кирди. Аталган Мыйзамды 2013-жылдын 6-июнунда Жогорку Кеңеш кабыл алгандан кийин 2013-жылдын 10-июлунда Президент кол койгон. Аны кабыл алгандан кийин эмнени күтсө болот?***

Ушул мыйзамдын демилгечилери – Жогорку Кенештин депутаттары БОКОЕВ К.С., ИСАКОВ Э.Б. жана КОЧКОРБАЕВ А.К. Кабыл алынган мыйзам жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы эксперттердин жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар биримдигинин катышуусунда иштелип чыккан. Мыйзам долбоорун иштеп бүтүрүү процессинде да ошол эле Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттеринин эмгеги аз болгон жок.

## *Мыйзамдын жаралуу тарыхы*

Аталган мыйзам Кыргызстандын Конституциясынын 113-беренесин ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Бул беренеде өткөрүлүп берүүнүн принциби так көрсөтүлгөн. Эскерте кетели, Конституциянын нормасына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар, аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды өткөрүп берүү менен ыйгарылышы мүмкүн. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдарга отчет беришет.

Анткен менен ушул конституциялык принцип акыркы 17 жылдан бери (Конституциянын 1996-жылдагы редакциясынан бери) колдонулбай келген. Буга укукту колдонуучу практиканын, б.а., өткөрүп берүүнүн тартиби жана каржылоо механизмдеринин жоктугу себеп болгон.

Күчүн жоготкон “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” (2002-жыл), “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” (2008-жыл) мыйзамдар жана учурда иштеп жаткан “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” (2010-жыл) мыйзам мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү тууралуу Конституцияда баяндалган өзүнчө беренени караштырат. Бирок бул мыйзамдар өткөрүп берүүнү ишке ашыруунун жана аны каржылоонун так механизмдерин белгилеген эмес. Натыйжада бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттик функцияларды бекер аткарып келаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын үнү эч кимге жетпей келатат.

Бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги өзүнүн 22 маселесинен тышкары, дагы кошумча 18 мамлекеттик өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды тиешелүү жол-жобосуз, ар бир өзүнчө өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча так бөлүштүрүлгөн каржылоосуз эле ишке ашырып келатат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бүгүнкү күндө активдүү аткарып жаткан мамлекеттик ыйгарым укуктарга төмөнкүлөр кирет:

- жарандарды эсептик каттоо, паспорттук режимдин эрежелерин аткаруу үчүн контролду жүзөгө ашыруу, жарандарды каттоону жана каттоодон чыгарууну белгиленген тартипте жүргүзүү, шайлоочулардын тизмесин түзүү;
- жарандык абалдын актыларын каттоо;
- нотариалдык аракеттерди жүргүзүү;
- аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылуучулардын баштапкы эсебин жүргүзүү, аларды аскердик эсепке каттоо жана эсептен чыгаруу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөк көрсөтүү;
- Айыл чарбага жарактуу жерлерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;
- статистика жүргүзүү,
- салык жыйноо;
- даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү табуу;
- айылдык жерлерде балдары бар аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн ай сайын жөлөкпулга зарыл болгон алгачкы деңгээлин аныктоо жана башкалар.

## *Кабыл алынган мыйзам эмнени белгилейт жана жөнгө салат?*

Биринчи кезекте кабыл алынган мыйзам мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн негизги принциптерин белгилейт:

- мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын жана кепилдиктерин бузбаш керек же чектебеш керек;
- мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү аларды натыйжалуу ишке ашыруу жана жергиликтүү жамаатка сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүгүн жана аларды ишке ашыруу реалдуулугун эсепке алуу менен жасалат;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө тоскоолдук жаратпашы керек жана тийиштүү аймактагы жергиликтүү жамааттардын социалдык-экономикалык абалын начарлатпашы зарыл.

Мыйзам келишимдин бирдиктүү унификацияланган структурасын белгилейт. Ал аны даярдоодо сакталыш керек; мыйзам мамлекеттик ыйгарым укуктарды мыйзамдар жана келишимдер аркылуу өткөрүп берүүнүн өзгөчөлүктөрү аркылуу ачат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн укуктук, уюштуруучулук жана каржылык негиздерин, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун, токтото туруунун жана токтотуунун тартибин аныктайт.

Мыйзамда мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына материалдык, каржылык жана башка ресурстар менен камсыздоонун так тартиби аныкталганы кубандырат. Айталы, мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө бир эле мезгилде мамлекеттик органдар материалдык, каржылык жана башка ресурстарды, анын ичинде республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке максаттуу трансферттерди (субвенцияларды) караштырышы керек.

Максаттуу трансферттерге (субвенцияларга) адистин эмгеги үчүн акы, жол чыгашалары, квалификацияны жогорулатууга байланышкан чыгашалар жана өткөрүлүп жаткан мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон башка каржылык чыгашалар кирет.

Өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон финансы каражаттары республикалык бюджетте өзүнчө берене менен каралыш керек. Андан ары ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына республикалык бюджеттен берилүүчү финансы каражаттары жергиликтүү бюджеттин кирешелери менен чыгашаларынын түзүмүндө өзүнчө сап менен кошумча эсептелет жана эске алынат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн алынган материалдык жана финансылык каражаттарды башка максаттар үчүн пайдаланууга тыюу салынат.

Андан ары кабыл алынган мыйзам мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө мамлекеттик органдардын укуктарын жана милдеттерин; өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча милдеттерди аткарган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын адисинин укуктарын жана милдеттерин регламенттештирет.

Мыйзамда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн мөөнөттөрү тууралуу; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар алдындагы отчеттуулугу тууралуу; өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткарышына көзөмөлдү жүргүзүүнүн тартиби тууралуу негизги нормалар чагылдырылган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууну токтотуунун жана токтото туруунун тартиби жана ага негиздери белгиленген. Жаңжалдарды жана чыр-чатактарды чечүүнүн тартиби аныкталып, өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы үчүн жоопкерчилик белгиленген.

Жалпысынан кабыл алынган “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө” Мыйзам мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн механизминин ишин камсыздайт. Бул Мыйзам мамлекеттик органдарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын азыркы абалына карата пикирин өзгөртүүгө жана мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүнүн практикалык процессине Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык өтүүгө түртөт.

Мындан тышкары ушул Мыйзамдын жыйынтыктоочу бөлүмүндө өлкөнүн мыйзамдарында айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына түрдүү тармактык мыйзамдар менен өткөрүп берүүнүн тартиби жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактабастан өткөрүлүп берилгенине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөнкүлөр тапшырылды:

- иштеп жаткан тармактык мыйзамдарды ушул Мыйзамга шайкеш келтирүүгө багытталган мыйзам долбоорлорун даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу типтүү келишимди бекитүү;
- айрым өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттерге республикалык бюджеттен берилген трансферттердин (субвенциялардын) көлөмүн эсептөө методикасын аныктоо;
- 2015-жылга жана андан кийинки жылдарга республикалык бюджеттин долбоорун иштеп чыгууда аларда ушул Мыйзамдын талаптарын эсепке алуу менен өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл чыгашаларды караштыруу.

Өнүктүрүү саясат институту “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоо моделинин алгачкы варианттарын иштеп чыкты. Биз “Муниципалитет” журналынын окурмандарын ушул мыйзамды ишке ашыруу үчүн өкмөт жасап жаткан кадамдар тууралуу маалымдап турабыз.

Ошону менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын куттуктабай да коё албайбыз. Анткени жаңы мыйзам менен бирге мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тууралуу эски жана жүрөк ооруткан маселе ийгиликтүү чечилип калат го деген үмүт жанды.

***Бектур ОРОЗБАЕВ,***

*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана*
*Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган*
*“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги:*
*бюджеттик процесс” Долбоорунун юристи*

# “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР мыйзамына сереп

Өкмөт иштеп чыккан “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору КР Жогорку Кеңешине 2011-жылдын 5-октябрында киргизилген. Узакка созулган талкуудан жана кайра иштеп чыгуудан кийин эки жыл өткөн соң аны КР Жогорку Кеңеши 2013-жылдын 30-майында гана кабыл алып, КР Президенти ушул эле жылдын 15-июлунда ага кол койгон. Кабыл алынган мыйзам айыл чарба багытындагы жерлердин азыраак баалуу түрлөрүн көбүрөөк баалуу түрлөрүнө, ошондой эле бирдей баадагы айыл чарба багытындагы жерлерди бир түрүнөн экинчисине которуунун (трансформациялоонун) укуктук негиздерин, шарттарын жана тартибин аныктайт.

Аны менен катар Кыргыз Республикасынын Жер кодексине (15-беренеге) жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” Мыйзамга (9-беренеге) бир аз толуктоолор киргизилген. Аларга ылайык, райондук мамлекеттик администрациянын компетенциясына азыраак баалуу айыл чарба багытындагы жерлерди дагы да баалуу түрлөрүнө, бирдей баалуу айыл чарба багытындагы жерлерди бир түрүнөн экинчисине которуу кирет.

Ушул мыйзамды кабыл алуу зарылчылыгы эмнеге байланыштуу чыкты?

Жер мамлекеттин өзгөчө, көбүрөөк чектелген жана таңкыс ресурсу болуп эсептелгендиктен жер участокторун бир категориядан экинчисине, же жердин бир түрүн экинчисине которуунун (трансформациялоонун) укуктук негиздерин, шарттарын жана тартибин жөнгө салуу мамлекеттик жөнгө салууну талап кылган актуалдуу көйгөй болуп эсептелет.

Анткен менен жерлерди которуу процессин ченемдик укуктук жөнгө салууда жана практикада ченемдик укуктук актыларды колдонууда бир топ оор кырдаал түзүлдү. Ал болсо жерлерди которуу процессине мамлекеттик көзөмөлдүн чабалдашына алып келди.

Атүгүл Жер кодексине ылайык өкмөттүн компетенциясына көбүрөөк баалуу айыл чарба багытындагы жерлерди (айдоо аянттары, көп жылдык өсүмдүктөр, кен чыккан жерлер, маданий жайыттар, түп-тамырынан жакшыртылган чөп чабыктар жана жайыттар) жерлердин азыраак баалуу түрлөрүнө же жерлердин башка категорияларына которуу кирчү.

Ошону менен бирге Жер кодексинде жеке менчикте турган жана азыраак баалуу айыл чарба багытындагы жерлерден дагы да баалуу түрүнө өткөрүлгөн жер участокторуна карата жогоруда көрсөтүлгөн нормалар каралган эмес.

Буга байланыштуу белгиленген тартипте өкмөттүн тапшырмасы менен жогоруда аталган мыйзам иштелип чыккан. Анын максаты –жерлерди которуу маселелеринде мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртуу. Мында которуунун конкреттүү, айкын жана жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жоболору, которуу иш-чараларын ишке ашырууда ачык эрежелер белгиленет, ошондой эле мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары так аныкталат.

### *Кабыл алынган мыйзамдагы жаңылыктар*

Кабыл алынган мыйзамдык нормаларга ылайык, жерлерди которуу боюнча мамлекеттин саясаты процесстин катышуучуларынын баарынын кызыкчылыктарын тең эсепке алуу жагына өзгөрүшү керек. Анткени жерлерди которуу тууралуу арыздарды кароо “бирдиктүү терезе” принциби боюнча ишке ашырылат.

Жерлерди которуу боюнча жер түзүүчү материалдарды даярдоо боюнча функцияларды атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ишке ашырат.

Жерлерди жеке турак жай курулушу үчүн которуу демилгесин белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы көтөрүп чыгат.

Жерлерди которуу боюнча мамлекеттик органдардын компетенциясы так бөлүштүрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- айрыкча баалуу айыл чарба жерлерин (айдоо аянттары, көп жылдык өсүмдүктөр, кен чыккан жерлер, маданий жайыттар, түп-тамырынан жакшыртылган чөп чабыктар жана жайыттар) башка анча баалуу эмес жерлерге же жерлердин башка категориясына которот;
- токой фондунун жерлерин жерлердин башка категорияларына которот;
- суу фондунун жерлерин жерлердин башка категорияларына которот;
- өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлерин жерлердин башка категорияларына которот;
- айыл чарба жана токой чарба жоготууларынын ордун толтуруудан түшкөн каражаттарды пайдалануунун тартибин бекитет.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация (мындан ары - ЖМА) жер участоктору жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын макулдугу менен:

- баалуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин чарба жерлеринин кыйла баалуу түрлөрүнө, баалуулугу теңдеш айыл чарба жерлерин - бир түрдөн башка түргө которот;
- калктуу конуштардын жерлерин жерлердин башка категорияларына которот;
- запастагы жерлерди башка категорияларга которот;
- өнөр жайы, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлерди, транспорт жана коргоо объекттерин куруу жана тейлөө үчүн берилген жерлерди кошпогондо, жерлердин башка категорияларына которот;
- кыйла баалуу айыл чарба жерлерин жана токой, суу фондунун жана өзгөчө коргоодогу жаратылыш аймактарынын жер участокторун, запастагы жерлерди жерлердин башка категорияларына которууга чечим

түрүндө макулдук берет жана аны белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизет.

Жаңы ченемдик актыны кабыл алуу менен өлкө бюджетине айыл чарбалык жоготуулардын ордун толуктоодон акча каражаты түшөт. Алар өз кезегинде гидромелиоративдик жана калыбына келтирүүчү иш-чараларга каралышы мүмкүн.

Айталы, жаңы мыйзамдагы жоболорго ылайык, айыл чарба жерлерин айыл чарба багытындагы, токой, суу фондунун жерлерин, запастагы жерлердин жана айыл чарба жана токой чарба өндүрүшү менен байланышпаган жерлердин түрлөрүн башка категорияга которууда (трансформациялоодо) жаңы жер пайдалануучулар жана жер ээлери жоготуулардын ортун толуктаган жана колдон чыгарылган пайданын наркынын суммасы төлөнүп берилет.

Бирок бөтөнчө учурлар да болот. Аларга ылайык, айыл чарба жана токой чарба өндүрүштөгү жоготуулар жерлерди төмөнкүлөр үчүн которууда толукталбайт:

- айыл чарба багытындагы жерлерди сугарууга жана кургатууга арналган мелиоративдик системалардын курулушу;

- атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кайтарымсыз негизде берген турак жайлардын курулушу;

- саламаттык сактоо объекттеринин, мектептердин жана мектепке чейинки, социалдык мекемелердин, маданият жана искусство сфераларынын, ошондой эле инженердик жана транспорттук инфраструктура объекттеринин жана мүрзөлөрдүн курулушу;

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлгөн унаа жолдорунун курулушу, калыбына келтирүү жана ремонт иштери;

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүргүзүлгөн электр берүүчү линиялардын, мунай түтүктөрүнүн жана башка труба түйүндөрүнүн курулушу;

- аскер, жаратылышты коргоо жана тарыхый-маданий багыттагы объекттердин курулушу (коруктар, токой чарба мекемелери, жаратылыш, мемориалдык, улуттук жана дендрологиялык парктардын, ботаникалык бактардын, жаратылыш эстеликтери, археологиялык жана тарыхый-архитектуралык жайлар).

Айыл чарба жана токой чарба жоготууларынын ордун толуктоодон түшкөн каражаттар республикалык бюджетке келет. Колдон чыгарылган пайданын ордун толуктоодон түшкөн каражаттар – жергиликтүү бюджетке.

Ошондой эле мыйзамдагы маанилүү жаңылыктардын бири – жерлерди которуу тууралуу арыздарды кароонун жана документтерди даярдоонун тартиби, мөөнөтү так белгиленген.

Айталы, жеке турак жай курулуш үчүн жерлерди которууну жүзөгө ашыруу үчүн («Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которууну кошпогондо), жеке адамдар же юридикалык жактар жерлерди которуу жөнүндө райондун мамлекеттик администрациясына арыз беришет.

Арызда жер участогуна болгон укук жөнүндө маалымат, которула турган жер участогунун категориясы жана өлчөмү, жер участогун жердин бир категориясынан башкасына же бир чарба жеринин бир түрүнөн башкасына которуунун негиздемеси көрсөтүлөт.Арызга мыйзамда көрсөтүлгөн тийиштүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет.

Андан ары ЖМАнын суроо-талабы боюнча атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жер участогуна материалдарды топтойт жана жерге жайгаштыруу көктөмөсүн он жумушчу күндүн ичинде райондун мамлекеттик администрациясы тарабынан түзүлгөн комиссиянын кароосуна жиберет.

Райондун мамлекеттик администрациясы которулуучу жер участогу жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, арыз ээсинин жана жергиликтүү кызматтардын: архитектура жана курулуш (жерлерди «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которууда), айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы (токой фондунун жерлерин же токой фондунун жерлерине, өзгөчө коргоодогу жаратылыш ресурстарынын жерлеринин категориясына которууда), айыл жана суу чарбасын, саламаттык сактоо, өзгөчө кырдаалдар, энергетика, жерлерди пайдаланууну жана коргоону контролдоо боюнча инспекция өкүлдөрүнүн катышуусу менен комиссия (мындан ары - райондук комиссия) түзөт. Райондук комиссияны райондун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары жетектейт.

Райондук комиссия он жумушчу күндүн ичинде райондун мамлекеттик администрациясына жер участогун которуунун мүмкүндүгү же мүмкүн эместиги жөнүндө корутунду берет.

Жерди курулуш үчүн которуу жөнүндө маселе оң чечилгенде райондук комиссия корутундуга участокко куруунун белгиленген тартипте макулдашылган башкы планын же анын негизинде иштелип чыккан шаар куруу документтерин жана техникалык-экономикалык негиздемени тиркейт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы 10 жумушчу күндүн ичинде өз чечимин чыгарат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечими ЖМАнын кароосуна түшөт. Ал өз кезегинде жергиликтүү мамлекеттик администрация жерди которуу боюнча материалдарды он жумушчу күндөн ашпаган мөөнөттө карайт жана өзүнүн компетенциясынын чектеринде жерлерди которуу жөнүндө же которууга макулдугу тууралуу чечим чыгарат.

Андан соң ЖМА:

- компетенциясынын алкактарында кабыл алынган жерлерди которуу жөнүндө чечимди атайын ыйгарым укуктуу органга жиберет;

- компетенциясынын алкактарында кабыл алынган жерлерди которууга макулдук жөнүндө чечимди материалдары менен бирге Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жиберет.

Жер участогун которуу жөнүндө же болбосо жер участогун которуудан баш тартуу тууралуу чечим соттук тартипте даттанылышы мүмкүн.

Айыл чарба багытындагы жер участокторун которуунун өзгөчөлүктөрү:

- айыл чарба багытындагы жер участоктору;

- өзгөчө кайтаруудагы аймактардагы жер участоктору;
- токой фондунун жер участокторун;
- суу фондунун жерлерин;
- өнөр жай, транспорт, байланыш, коргонуу жана башка багыттагы жер участоктору;
- запастагы жерлер курамындагы жер участоктору;
- пайдалуу кен казындылары болгон жер участоктору;
- жеке менчикте турган жер участоктору.

Мисалы, жерди которуунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык, мындан ары жеке менчикте турган жер участоктору аларды курулуш документациясынын, курулуш жана шаардык, айылдык калктуу конуштардын аймактарынын жерлерин пайдалануунун эрежелеринин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алып койгондон кийин индивидуалдык турак жай курулушуна өткөрүлөт.

Мындан тышкары кабыл алынган мыйзам республикалык маанидеги шаарларга карата чектөөчү нормаларды да караштырат. Б.а., мыйзам жыйынтыктоочу бөлүгүндө өкмөткө "Сугарылуучу айдоо жерлерин жерлердин башка категориясына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамынын аракеттерине кирбеген айыл чарба багытындагы жерлерди Бишкек жана Ош шаарларынын өзгөчө макамдары мыйзам тарабынан жөнгө салынганга чейин бул шаарларды өнүктүрүү боюнча башкы планга киргизилген шаардын четиндеги зоналардагы жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууну токтотууга тапшырма берет.

***Бектур ОРОЗБАЕВ,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана*
*Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган*
*"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун юристи*

# Жер участокторун которууга (трансформациялоого) байланыштуу мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдө кезиккен көйгөйлөр

***Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" КР Мыйзамы жана "КР айрым мыйзамдык актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамы Кыргызстандын Конституциясына карама-каршы келет деп эсептешет.***

Айталы, мыйзамдын мазмунунан жана мамлекеттик органдардын компетенциясынан, аны менен катар КР Өкмөтүнүн жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жерлерди которуу боюнча ыйгарым укуктарынан улам жаңы мыйзам өзүнчө бөлүгүндө райондордун административдик-аймактык бирдигине кирген айылдык аймактардын территориясында жайгашкан жер участокторуна гана жайылган.

"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" КР Мыйзамынын 6 жана 7-беренелерине ылайык, жерлерди которуу боюнча ыйгарым укуктар КР Өкмөтүнө жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга (райондук комиссия) берилген.

Ошол эле учурда облустук жана республикалык маанидеги айрым шаарлардын административдик-аймактык чек араларында бир катар айылдар, поселоктор жана шаар тибиндеги поселоктор (ШТП) бар болгонун эсепке алыш керек. Ал жерлерде жергиликтүү жамаат да айыл чарба жерлери менен алектенет, карамагында үлүштүк жана башка жердин түрлөрү бар (АЧЖМФ жерлери, жайыттар, кен чыкчу жерлер ж.б.) Ал жактарда да ушул мыйзамдын 7-беренесине ылайык которулууга тийиш болгон жер участоктору бар.

Мындай учурда облустук жана республикалык маанидеги шаарларда, ушул шаарларга караган айылдарда, поселоктордо жана шаар тибиндеги поселоктордо жашаган жергиликтүү тургундар жогоруда айтылган мыйзамдын 7-беренесинде белгиленген жер участокторун которуу укугунан пайдалана алышпайт. Анткени облустук жана республикалык маанидеги шаарлардын мэрлери жерлерди которуу (трансформациялоо) боюнча тийиштүү ыйгарым укуктарга ээ эмес.

"Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" КР Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, жерлерди которуу боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

1) баалуулугу кыйла төмөн айыл чарба жерлерин чарба жерлеринин кыйла баалуу түрлөрүнө, баалуулугу теңдеш айыл чарба жерлерин - бир түрдөн башка түргө которот;

2) калктуу конуштардын жерлерин жерлердин башка категорияларына которот;

3) запастагы жерлерди башка категорияларга которот;

4) өнөр жайы, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлерди, транспорт жана коргоо объекттерин куруу жана тейлөө үчүн берилген жерлерди кошпогондо, жерлердин башка категорияларына которот;

5) кыйла баалуу айыл чарба жерлерин жана токой, суу фондунун жана өзгөчө коргоодогу жаратылыш аймактарынын жер участокторун, запастагы жерлерди жерлердин башка категорияларына которууга чечим түрүндө макулдук берет жана аны белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизет.

Бул учурда "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө КР Мыйзамы жарандардын тең укуктуулук принцибин ачыктан ачык бузуу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүдө.

Айталы, КР Конституциясынын 20-беренесинде мындай деп айтылган:

"Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же

кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек.

Адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн.

*1. Кербен шаарынын курамындагы айылдар:*

*1) Курулуш,*
*2) Күлүк-Дөбө,*
*3) Ак-Дөбө,*
*4) Жетиген,*
*5) Мамай,*
*6) Устукан.*

*2. Жалал-Абад шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Качкынчы,*
*2) Келме,*
*3) Кызыл-Кыргызстан,*
*4) Кызыл-Суу,*
*5) Таш-Кутчу,*
*6) Тельман ат.*

*3. Таш-Көмүр шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Теңдик,*
*2) Кашкулак-Сай,*
*3) Чүйүт-Сай,*
*4) Кызыл-Алма,*
*5) Кудук-Сай.*

*4. Кара-Көл шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Жазы-Кечүү.*

*5. Исфана шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Голбо,*
*2) Самат,*
*3) Чимген,*
*4) Тайлан,*
*5) Мырза-Патча,*
*6) Ак-Булак.*

*6. Кадамжай шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Таш-Кыя,*
*2) Пүлгөн,*
*3) Чал-Таш.*

*7. Баткен шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Булак-Башы,*
*2) Кызыл-Жол,*
*3) Базар-Башы.*

*8. Сүлүктү шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Кольцо.*

*9. Кызыл-Кыя шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Караван,*
*2) Ак-Булак,*
*3) Жин-Жиген.*

*10. Ош шаарынын курамындагы айылдар:*
*1) Керме-Тоо,*
*2) Арек,*
*3) Жапалак,*
*4) Кеңеш,*
*5) Өзгүр (бөлүгү),*
*6) Орке,*
*7) Беш жылдык,*
*8) Төлөйкан (бөлүгү)*
*9) Тээке,*
*10) Гүлбаар-Төлөйкөн,*
*11) Алмалык.*

Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек. Адамдын, жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзамдык актыларды кабыл алууга тыюу салынат.”

Ушул тапта “КР административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу” КР Мыйзамына ылайык КР Улуттук статистика комитети иштеп чыккан КР Административдик-аймактык жана аймактык бирдик объекттеринин белгилениш системасынын Мамлекеттик классификаторуна (МК002-2009) ылайык, республикада шаарлардын курамына кирген жана өз алдынча административдик-аймактык чек арага жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ээ болбогон 45 айыл бар.

Айталы, мамлекеттик классификаторго ылайык, шаарлардын курамында төмөнкүдөй айылдар бар:

*1. Каракол шаарынын курамында шаар тибиндеги поселоктор:*
*1) Пристань-Пржевальск,*
*2) Балыкчы.*

*2. Балыкчы шаарынын курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Орто-Токой.*

*3. Таш-Көмүр шаарынын курамында шаар тибиндеги поселоктор:*
*1) Шамалды-Сай,*
*2) Кызыл-Жар.*

*4. Майлуу-Суу шаарынын курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Кек-Таш.*

*5. Майлуу-Суу шаарынын курамындагы поселоктор:*
*1) Сары-Бээ,*
*2) Көк-Ой,*
*3) Кара-Жыгач.*

*6. Кара-Көл шаарынын курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Кетмен-Төбө.*

*7. Сүлүктү шаарынын курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Чыгыш.*

*8. Кемин районунун курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Бордунск.*

*9. Бишкек шаарынын курамында шаар тибиндеги поселок:*
*1) Чоң-Арык.*

Ошентип “КР административдик-аймактык бирдиги жөнүндө” КР мыйзамын жакшыртуунун алкагында жогоруда аты аталган поселокторду жана шаар тибиндеги поселокторду (ШТП) тийиштүү айылдарга жана/же шаарларга кайра түзүүгө багытталган биринчи кезектеги чаралар талап кылынат.

Ошону менен бирге административдик-аймактык түзүлүштүн негизги принциптерин эсепке алуу менен (“КР административдик-аймактык бирдиги жөнүндө” КР мыйзамынын 2-беренеси) жалпы мамлекеттик кызыкчылыктар менен калктын кызыкчылыктарынын, калктуу конуштун географиялык жайгашуусунун, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлинин, калктын санынын жана башка айрым кайра түзүлгөн калктуу конуштардын факторлорунун айкалышуусунда аларга административдик-аймактык бирдик – айылдык аймак, же өзүнүн жергиликтүү өз алдынча  башкаруу органы бар шаар деген өз алдынча статус берүү зарылчылыгы бар.

Жогоруда айтылгандар улам укуктук коллизиянын болтурбоо үчүн “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” КР Мыйзамына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу аны КР Конституциясынын нормаларына шайкеш келтирүү зарыл.

**_Бектур ОРОЗБАЕВ,_**
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун юристи*

## • Муниципалдык кызмат жөнүндө

### “Муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жаңы “Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын реестри” 15-1-беренеси киргизилди (2013-жылдын 24-июлундагы №157)

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын реестри Эмгек кодексинин 83-беренесинин 5-пунктунда, 6-пунктунун «а», «б», «в», «д» пунктчаларында, 7, 9, 10 жана 11-пунктарында каралган негиздер боюнча ээлеген кызматтан бошотулган муниципалдык кызматчылар жөнүндө жеке маалыматтарды камтыйт.

Терс негиздер боюнча муниципалдык кызматтан бошотулган адамдардын Реестри бошогон административдик кызмат орундарды ээлөөгө конкурстук тандоодо колдонулушу мүмкүн. Реестрдин маалыматтары талапкерди ишке алуудан баш тартуу үчүн негиз болуп кызмат кылбайт.

Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын администрациясынын демилгеси менен Эмгек кодексинин 83-беренесинин 5-пунктунда, 6-пунктунун «а», «б», «в», «д» пунктчаларында, 7, 9, 10 жана 11-пунктарында каралган негиздер боюнча муниципалдык кызматчы деген наамды жокко чыгарганына байланыштуу кызматчыны иштен бошотууда аталган органдын администрациясы жети күндүк мөөнөттүн ичинде бардык тийиштүү маалыматтарды мамлекеттик кызматтын иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга тапшырыш керек. Соттук акт менен күчүнө кирген ушул берененин 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча муниципалдык кызматчыны кызматтан кетирүү тууралуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечимдерин жокко чыгарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жети күндүк мөөнөт ичинде бул тууралуу мамлекеттик кызматтын иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кабар бериш керек.

### КР Президентинин 2006-жылдын 28-июнундагы №327 “Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматты камсыз кылуунун жана уюштуруунун негизги маселелери жөнүндө” Буйругуна 2013-жылдын 17-июнунда №142 ПБ жана 2013-жылдын 26-июнунда №145 ПБ менен өзгөртүүлөр киргизилген

Кыргыз Республикасынын саясий жана административдик муниципалдык кызматтардын реестри күчүн жоготту. Жаңы жоболор бекитилди: 1) Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматчыларын аттестациядан өткөрүү тартиби жөнүндө; 2) Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын бош администрациялык кызмат ордун ээлөөгө конкурсту өткөрүү тартиби жөнүндө; 3) Кыргыз Республикасынын администрациялык кызматты ээлеген муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди берүү тартиби жөнүндө.

## • Эмгек акысы жөнүндө

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-июнундагы №383 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү боюнча 2013-2020-жылдарга чаралар жөнүндө” Токтому

Токтом менен бекитилди: 1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүүнүн 2013-2020-жылдарга карата программасы; 2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчысынын типтүү кызматтык нускамасы; 3) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын администрациялык мамлекеттик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптар; 4) Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын администрациялык муниципалдык кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптар; 5) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен баалоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо; Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын Планы.

Кызматчыларга эмгек акы төлөөнүн эмгек акы системасы менен кызматчылардын ишинин натыйжасынын, кызмат орундардын иерархиясынын, шыктандыруунун реалдуу критерийлерин аныктоонун өз ара байланышына негизделген натыйжалуу системасын түзүү максатында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүүнүн 2013-2020-жылдарга карата Программасы иштелип чыккан.

Программа Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 17-майындагы № 237 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөнү реформалоонун 2011-2015-жылдарга карата концепциясына ылайык келет жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматын модернизациялоонун концепциясын ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган. Программада эмгек акы төлөө системасын реформалоонун принциптери айтылган, алар эмгекке акы төлөөнүн, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта иштөөгө шыктандыруунун натыйжалуу моделин түзүүгө өбөлгө болушат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишине баа берүү 2014-жылдын 1-январынан башталат.

## • Жарандардын кайрылуусу жөнүндө

**2013-жылдын 15-июлунда "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген. Бул өзгөртүүлөр жарандардын электрондук кайрылуусунун (электрондук почта боюнча) статусун тактап беришти**

Өзгөрүүлөргө ылайык, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын расмий дарегине келип түшкөн жарандардын электрондук кайрылуусу жарандардын жазуу же оозеки түрүндө баяндалган кайрылууларына теңештирилет. Мыйзам мамлекеттик органды же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын жарандардын электрондук кайрылууларын кабыл алуу үчүн Интернет тармагында өзүнүн электрондук почтасынын расмий дарегин каттоого милдеттендирет.

Ошондой эле электрондук кайрылууларды тариздөөгө жана мазмунуна талаптар каралган жана аларды кароонун тартиби регламенттелет. Алсак, киргизилген толуктоолорго ылайык жаран өзүнүн электрондук кайрылуусунда милдеттүү түрдө электрондук кайрылуусун жөнөтүп жаткан мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышын, же тиешелүү кызмат адамынын фамилиясын, атын, атасынын атын, ошондой эле өз фамилиясын, атын, атасынын атын (бар болсо), байланыш телефонун (үйдүкүн, мобилдүү же ишинин), жашаган дарегин көргөзөт, кайрылуунун ток этер жерин жазат. Электрондук кайрылууда аталган маалыматтар жок болсо мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кайрылууну карабай койгонго укуктуу.

Мындан тышкары, мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же кызмат адамына келип түшкөн жазуу жүзүндөгү (электрондук) кайрылууларды кароонун мөөнөттөрү 30 күндөн 14 күнгө чейин кыскартылат. Мыйзам 2014-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

## • Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу

**2013-жылдын 17-июлундагы №149 "Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктардын негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Ага ылайык жаңы "Региондорду өнүктүрүү фонду" 21-1-беренеси киргизилди**

Региондорду өнүктүрүү фонддору – бул мыйзамдарга ылайык кирешенин конкреттүү түрлөрүнөн же башка акча чегерүүлөрдүн эсебинен түзүлгөн акча каражаттары. Алар жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана кармоого жана максаттуу багыттагы башка конкреттүү иш-чараларды жүзөгө ашырууга пайдаланылат. Фонддун каражаттары багытына шайкеш келбеген максатта колдонула албайт. Фонддорду түзүүнүн жана ошол каражаттарды котоооруунун тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт. Фонддун каражаттары республикалык бюджетти түзүүдө региондорду бюджеттик каржылоону азайтууга таасирин тийгизе албайт.

## • Инфратүзүмгө чегерүүлөр тууралуу

**2013-жылдын 17-июлунда №149 "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди, алар инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана аны кармоого чегерүүлөргө тиешелүү**

Мыйзамдын 19-3-беренеси төмөнкүдөй редакцияда баяндалган:

"1. Пайдалуу кендерди (көмүрдү, сымапты, минералдык жана термалдык сууларды жана курулуш материалдар катары, анын ичинде курулуш материалдарын чыгарууда чийки зат катары колдонулуучу пайдалуу кендерди кошпогондо) иштетүүнү (казып алууну) жүзөгө ашыруучу жана катталган жерине карабастан пайдалуу кендердин табылган жери боюнчаоблустардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдү жүргүзүүчү жеке же юридикалык жак жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдүн төлөөчүсү (мындан ары – төлөөчү) болуп саналат.

2. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр облустардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн кыйыр салыктарды эсепке албастан, 2 пайыз өлчөмүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт.

3. Эгерде субъект казылып алынган пайдалуу кендерди кайра иштетүүнү жана алардан продукция чыгарууну өз алдынча жүзөгө ашырса, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүү жана күтүү үчүн чегерүүлөр аларды кайра иштетүү менен байланышкан чыгымдарды чыгарып салуу менен пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акчанын иш жүзүндөгү көлөмүнөн жүзөгө ашырылат.

4. Эгерде кен чыккан жер ар башка райондорго кирген эки же андан ашык айылдык аймактардын аймагында жайгашкан учурда, төлөөчү эсептик каттоодон өтүүнү ар бир райондун салык органында жүзөгө ашырат, чегерүүнүн суммасы ошол же башка райондо жайгашкан ээленген аянтка пропорциялуу төлөнөт.

Токой фондунун жерлеринин же запастагы жерлердин аймактарында жайгашкан пайдалуу кендерди сатуудан чегерилүүчү жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө арналган каражаттар толук көлөмдө районду өнүктүрүү фондунун эсебине жиберилет.

5. Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмекке ылайык алтындын запасы 50 тоннадан ашыкты түзгөн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

- 50 пайыз – облусту өнүктүрүү фондуна;
- 30 пайыз - районду өнүктүрүү фондуна;
- 20 пайыз - пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Алтындын запасы 50 тоннадан азды түзгөн кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

-80 пайыз - районду өнүктүрүү фондуна;

-20 пайыз - пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

6. Алтындан тышкары башка пайдалуу кендер чыккан жерлер боюнча:

- жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине киргизилген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү ушул berененин 5-бөлүгүнүн 1-4-абзацтарына ылайык жүргүзүлөт;

-жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине кирбеген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү ушул берененин 5-бөлүгүнүн 5-7-абзацтарына ылайык жүргүзүлөт.

7. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө багытталган каражаттарды башка максаттарга колдонууга жол берилбейт.

Региондорду өнүктүрүү фондунун каражаттарын максатсыз пайдаланууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат».

Региондорду өнүктүрүү фондуна колдонгон каражаттар ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин ушул Мыйзамда белгиленген тартипте бөлүштүрүлүп турат.

## • Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө

**2013-жылдын 30-июлунда "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Аларга ылайык, Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлоо алдында үгүт жүргүзүүгө, үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга укугу жок адамдардын чөйрөсүнөн чыгарылат**

## • ЖӨБ структурасы жана штаттары тууралуу

**КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-июлундагы №403 Токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөр киргизилди**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 90-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесине жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын түзүмүн жана штаттык санын жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- аталган токтом менен бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда берилсин;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын аппараттарынын типтүү түзүмүндө жана штаттык санында

«Сектор башчысы» позициясы күчүн жоготту деп табылсын;

«Башкы адис» позициясында «4», «5», «6» деген цифралар «5», «6», «7» деген цифралар менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген облустук маанидеги шаарлардын мэрияларынын аппараттарынын типтүү түзүмүндө жана штаттык санында:

«Сектор башчысы» позициясы күчүн жоготту деп табылсын;

«Башкы адис» позициясында:

«2», «4», «3», «3», «3», «3», «4», «2», «2», «3», «6» «2» деген цифралар «5», «6»,»5», «7», «5», «6», «7», «5», «5», «6», «8», «5» деген цифралар менен алмаштырылсын.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына төмөнкүлөр сунушталсын:

- бар болгон бош кызмат орундарын кыскартуу маселелерин биринчи кезекте кароо;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине жана «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык бошотулган кызматкерлерди ишке орноштуруу боюнча чараларды көрүү, ал эми ишке орноштурууга мүмкүн болбогон учурда муниципалдык кызматчыны окутуу, кайра даярдоо (кайрадан квалификациялоо) жөнүндө маселени кароо.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

2013-жылдын 12-июлунда "Эркин Тоо" гезитинин №58 санында жарыяланды.

*Кыргыз Республикасынын премьер-министри*
***Ж. САТЫБАЛДИЕВ***

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн**
**2013-жылдын 8-июлундагы №403 токтомуна тиркеме**

## АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ТИПТҮҮ ТҮЗҮМҮ ЖАНА ШТАТТЫК САНЫ

| Кызматтын аталышы | Калктын саны боюнча штаттык сан (миң адам) | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2ге чейин | 2ден 5ке чейин | 5тен 7ге чейин | 7ден 10го чейин | 10дон 15ке чейин | 15тен 20га чейин | 20дан 25ке чейин | 25тен ашуун |
| Башчы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башчынын орун басары | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Жооптуу катчы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Бөлүм башчысы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис | 2 | 2 | 3 | 4 | 4 | 5 | 5 | 6 |
| Алдыңкы адис | 1 | 2 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 6 |
| Адис | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 | 3 | 4 |
| Бардыгы: | 7 | 8 | 10 | 12 | 14 | 16 | 18 | 20 |
| Техникалык тейлөөдө иштеген кызматкерлер: | | | | | | | | |
| ТТП | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 3 | 3 |
| КТП | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы: | 9 | 10 | 12 | 14 | 16 | 19 | 22 | 24 |

- (*) Эскертүү: Максаттуулугунан жана негиздүүлүгүнөн, ошондой эле айылдык аймактын өзгөчөлүгүнө жараша өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча функцияларды, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча функцияларды бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ушул токтому менен бекитилген айыл өкмөтүнүн штатынын жалпы санынын чегинде кызматтардын категорияларынын ортосунда ишке ашат.
- (**) Эскертүү: айылдык аймактын административдик борбору болуп эсептелген калктуу конушту кошпогондо, ар бир калктуу конушта "айыл башчысы" деген кызмат каралган. Бул кызматка келчү адам ошол калктуу конуштун тургундарынын арасынан, тандалып алынып, кызматтык маянасы алдыңкы адистин деңгээлинде каралыш керек.
- (***) Эскертүү: Айыл өкмөтүнүн структурасында участкалык дарыгер, ветеринардык дарыгер, ички иштер органдарынын кызматкери (участкалык инспектор) болушу мүмкүн. Участкалык дарыгердин, ветеринардык дарыгердин, участкалык инспектордун (ички иштер органдарынын кызматкери кызматына талапкерлер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте келишимдик негизде алынса болот.
- (***) Эскертүү: Жалпы аскердик милдеттердин талаптарын аткарууну камсыздоо үчүн персоналды аскердик-эсепке алуунун саны төмөнкү жүктөмдүн нормаларына ылайык белгиленет:
- каттоодо 300 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгон;
- учурда - бир бошотулган кызматкер - аскердик-эсепке алуу столунун инспектору;
- каттоодо 300дөн 1000ге чейинки аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгондо - эки бошотулган кызматкер жана андан кийинки ар бир 1000 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучуларга - бирден бошотулган кызматкер - аскердик-эсепке алуу столунун инспектору.

# ЛИПЕНКАНЫН БАЛЫК ӨСТҮРҮҮЧҮ АДИСТЕРИ



***Бүгүнкү күндө улуу муундун өкүлдөрү "балык бейшембини" сагынуу менен эскеришет. Бул күнү коомдук тамактануучу жайлардын бардыгында трескадан жанчылган этти, маринаддалган хек-ти, борщтун ордуна балыктын шорпосун, ал эми гуляштын ордуна куурулган сазан же карп берилчү. Деңиз жана дарыя балыгы баштан өйдө жетчү. Айтор, канча кааласам, ошончо жей берем. Бирок СССР урагандан кийин азык-түлүк кырдаалы кескин өзгөргөн. Балык дүкөндөрдөн жоголо баштады. Ал эми балыктын баасы асманга чыгып кетти.***

***Себеби ачык эле: адистердин айтымында, мурдагы СССРге кирген бардык республикаларда жана жарым-жартылай Кыргызстанда да мамлекеттин көңүлүнүн тышында кала берди. Андыктан тез эле жоголуп кетүү коркунучуна кабылды. Айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигине караштуу балык чарбачылыгы департаменти бир нече жолу жоюлуп, кайра түзүлүп жатты. Бирок иш жүзүндө эч ким көйгөйдү чечүү менен алектенген эмес.***

***Кошумча материалды жасалма кайрадан өндүрүү жана өстүрүү үчүн жооп берген балык заводдору талап-тонолуп, же менчиктештирилип кеткен. Ал эми сакталып калгандары болсо анда-санда мамлекеттик заказды аткарып турушту. Жылдар бою кошуна республикалар менен түзүлүп калган байланышты жоготуп алдык. Натыйжада жасалма көлмөдөн, бассейндерден жана башка чарбачылыктан кармалган балыктар жок кылынды. Браконьерлер өзүн эркин алып жүрүштү. Анткен менен ал жылдары балыкты каалаган ишсиз кармап калган.***

Мунун баары чогулуп келип, көлмө чарбачылыгынын абалына гана эмес, ЮНЕСКОнун коргоодогу объекттеринин тизмесине киргизилген Ысык-Көлдүн уникалдуу ихтиофаунасына да терс таасирин тийгизди.

Нечендеген жылдар бою адамдар балык өстүрүп келаткан Липенкада кырдаал өзгөрө баштады. 2006-жылы балыкчылыкты кайра бутуна тургузууну каа-



лаган демилгечилер бул үчүн Ассоциацияга биригишти. Адегенде бул уюмдун мүчөлөрүнүн бири көлмөнү ижарага алган. Ал эми үч жылдан кийин айылдык аймактагы дээрлик бардык көлмөлөрдүн ээлери пайда болду (Липенка айылдык аймагында түрдүү көлөмдөгү 24 көлмө бар).

Анткен менен билимдин жана тажрыйбанын, балык уулоо үчүн зарыл болгон сапаттуу жабдууларлардын жана уюшкандыктын жоктугунан алгачкы жылдары адамдар бул иш үчүн сарптаган каржылык жана материалдык ресурстарын кайтара алышкан жок. Фермерлер чыгымга учурады. Бирок бара-бара жалпы аракетти бириктирип, жолугушуулар, маалымат жана практикалык тажрыйба менен алмашуу үчүн бейформал аянтча түзгөндө иш ордунан жылды. Көлмө чарбасында ал маалда балык көбөйүп деле кеткен жок, бирок байланыштар түзүлдү.

2010-жылы ПРООН/ГЭФ эксперттери Ысык-Көл облусундагы көлмөлөрдү изилдеп чыгып, фермерлерди Чолпон-Ата шаарындагы Эко-центрге семинарга чогултуп, ортодогу көйгөйлөрдү талкуулады. Ал эми ошол эле жылдын күз айында ошол форумдун тогуз катышуучусу Венгрия Республикасында аква-маданиятты алып кетүүнүн алдыңкы ыкмаларын үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Семинар алынган билимди Ысык-Көлдө жайылтуу, ошондой эле венгр тажрыйбасын биздин шарттарда пайдалануу үчүн чоң дем болуп берди.

Ошол окуялардан көп өтпөй эле “Ысык-Көлдүн көлмө ээлери” аттуу коомдук бирикме каттоодон өттү. Анын демилгечилери жана негиздөөчүлөрү болуп 43 гектар көлмөнү ижарага алган Липенка АА 12 балык өстүрүүчүлөрү чыкты. Азыр бирикмеге 28 киши мүчө, жалпы көлмө фонду 200 гектарды түзөт. Ага “Каракол балыгы” да, биздин региондогу ири кайра иштетүүчү “Фаир” компаниясы да кирди. Коомдук уюм өзүнүн алгачкы күндөрүнөн баштап эле эл аралык институттар менен активдүү кызматташа баштады. ПРООН/ГЭФ долбоорунун жардамы менен анын мүчөлөрү 7 тоннадан ашык карп полимаданияты үчүн зарыл материалдарга ээ болуп, жемди кайра иштетүү боюнча жабдуу алды. Мунун арты менен коомдук бирикменин Ысык-Көл облусунун бардык райондорунда жайгашкан көлмөлөрүн балыкка толтура алышты.

2012-жылдан тарта фермерлер алгачкы продукцияны ала баштшты. Аны менен бирге практикада чет өлкөлүк тажрыйбаны да колдонуп көрүштү – көлмөлөргө судак өңдүү балыктын жырткыч түрүн коё беришти. Судак амур чебагы, элеотрис ж.б. өңдүү майда балыктарды жок кылган биологиялык мелиоратордун ролун аткарды. СССР ыдырап кеткенден кийин мындай практика республикада биринчи жолу колдонулду.

Натыйжалар таң калтырды: бир жылдык судактын өсүш темпи көптү көрүп калган балыкчылардын да оозун ачырды. Кыска аралыкта 30-40 грамм майда балык 400-600 граммдык балыкка айланып жатты. Бул практикага КР Улуттук илимдер академиясынын ихтиология кафедрасынын илимий кызматкерлери да кызыгып, учурда коомдук бирикме республиканын окумуштуулары менен да кызматташып келатат.

Ийгиликтерге карабастан ысыккөлдүк балык уулоочулар бир орунда туруп калгысы келбейт. Ыңгайлуу учуру келсе эле алар окушуп, семинарларда билимин тереңдетүү менен алек – коомдук бирикменин бир нече мүчөсү потенциалды жогорулатуу боюнча Финляндияда, Тажикстанда окуп келишти. Өлкөдөгү бул маанилүү тармакка Жогорку Кеңештин депутаттары да көңүл бурушту. Май айында Тоң айылында парламентарийлердин фермерлер менен жолугушуусу өтүп, аква-маданияттын көйгөйлөрүнө жана жалпысынан балык өстүрүүнү натыйжалуу жана туруктуу өнүктүрүүнүн ыкмаларына тиешелүү бир катар маселелер көтөрүлдү.

Бул тармакты таанытуу максатында Липенкада Балык фестивалы уюштурулду (биздин республикадагы алгачкы фестиваль). Анда социалдык жана экологиялык темалар үстөмдүк кылып, майрам абдан жакшы өттү. Фестивалды жыл сайын өткөрүп туруу макулдашылды.

Көлмө чарбасынын Липенкада кайра жаралуу тажрыйбасы шыктандырат. Эгерде ал жакта адамдар Азыктүлүк программасы жана калкты иш менен камсыздоо өңдүү маанилүү маселелерди чечкен бул бизнести жолго коюп кете алса, анда муну көлмө бар жерлерде да ишке ашырса болот.

Бүгүнкү күндө өтө көп фермер-балык өстүрүүчүлөр коомдук бирикмеге кирүү тууралуу арыздары менен кайрылып жатышат. Алар бирикменин мүчөлөрү чыгарган продукция бара-бара мыйзамсыз жол менен Ысык-Көлдөн балык кармаган браконьерлерди четке сүрүп баратканын көрүшүүдө. Бул болсо азыркы муун кийинки муун үчүн кыргыз кереметинин биоартүрдүүлүгүн сактап калууга жөндөмдүү болгондугунун кепилдиги.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кат жазыңыз:mametovmaksat@rambler.ru.

***Маскат МАМЕТОВ,***
*Липенка АА, Ысык-Көл областы*

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун жаңылыктары

## Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечебиз! ГРАНТТЫК ДОЛБООРЛОРДУ ИШКЕ АШЫРУУ

Эскерте кетели, Кичи гранттар программасы конкурсунун шарттарына ылайык, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын элеттик муниципалитеттеринин аткаруучу органдары жамаат үчүн эң маанилүү маселелерди каржылоого табыштама бериши керек болчу. Жалпысынан сынакка 35 табыштама түштү, алардын 20сы – Ысык-Көл облусундагы айылдык аймактардан жана 15и Жалал-Абад облусундагы айылдык аймактардан. Бир айылдык аймак үчүн гранттын суммасы 20 000 швейцар франкын (1 млн. сомго жакын) түзөт. Мында жамааттын салымы, же долбоорду колдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттын үлүшү 10 пайыздан кем болбошу керек.

2013-жылдын 20-майында Долбоор ушул жыл үчүн Кичи гранттар программасы конкурсунун жыйынтыгын чыгарды. Сынактын жеңүүчүлөрү үчүн 2013-жылдын июнь айында "Мамлекеттик сатып алууларга карата КР мыйзамдарындагы талаптардын негиздери" темасына эки күндөн 2 тренинг өттү. Сатып алуулар боюнча 7 адис Долбоордун сунуштамасы боюнча Каржы министрлигинин Окуу борборунда мамлекеттик сатып алуулар боюнча окутуудан өттү жана тийиштүү сертификатка ээ болушту. 4 жеңүүчү муниципалитет "бир булактан" ыкмасы менен техниканы сатып алууну чечти. 2013-жылдын 24-июлунда Бишкекте 4 миллион сомдон ашык суммага атайын техниканы сатып алуу үчүн сертификаттар Жалал-Абад облусунун Көк-Таш, Сумсар жана Сакалды айылдык аймактарынын жана Ысык-Көл облусунун Улахол айылдык аймагынын өкүлдөрүнө салтанаттуу түрдө тапшырылды. 3 муниципалитет тендер өткөрүүнү чечти. Бүгүнкү күндө сатып алуулардын бардык жол-жоболору өткөрүлдү, курулуш иштери жүрүп жатат.

| № | Долбоордун аталышы | Жалпы суммасы (сом) | Долбоор (сом) | Жергиликтүү бюджет (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Сакалды АА "Таза селди бурууучу канал – коопсуз жашоо" долбоору | 2140000 | 1035000 | 1105000 |
| 2 | Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Сумсар АА "Тазалык – саламаттыктын булагы" долбоору | 1131200 | 1025000 | 106200 |
| 3 | Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Көк-Таш АА "Жакшы жашоо жолдон башталат" долбоору | 2413000 | 1025000 | 888000 |
| 4 | Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Улахол АА "Айылдын тазалыгы өз колубузда" долбоору | 1130000 | 1025000 | 105000 |
| 5 | Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Бостери АА "Балдар биздин келечегибиз" долбоору | 1600000 | 1035000 | 565000 |
| 6 | "Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Жаңы-Жол АА "Сугат суу – кирешенин булагы" долбоору | 1100000 | 1035000 | 65000 |
| 7 | Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Липенка АА "Жарык айыл – жаркын келечек" долбоору | 1100000 | 1047000 | 53000 |
| | **БАРДЫГЫ:** | **10 614 200** | **7 227 000** | **2 887 200** |

### *Улахол АА. "Айылдын тазалыгы өз колубузда" Долбоору*



Катуу-тиричилик калдыктарын (КТК) чыгаруу үчүн сатып алынган атайын техника өз максатында колдонулуп жатат. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери 2013-жылдын этегине чейин Улахол АА бардык беш айылы боюнча КТК чыгаруу графигин түзүп коюшкан жана ал графикти АӨ башчысынын милдетин аткаруучу бекиткен. Дагы бир жумушчу орун түзүлдү, азырынча техниканын айдоочусу кызматчынын функциясын өзү аткарып жатат. Ушул тапта таштандыны жыйноо үчүн АӨ кызматкерлери ар бир короодон 30 сомдон чогултуп жатат. КТК чыгаруу кызматы үчүн каражаттын суммасы 55 650

сомду түзүш керек. Алардын ичинен бүгүнкү күндө 14 000 сом чогултулду. КТК чыгаруу үчүн акча каражатын чогултуу, тарифтер боюнча коомдук угууларды муниципалитет октябрда өткөрүүнү пландап жатат.

### *Бостери АА. Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Бостери АА "Балдар биздин келечегибиз" долбоору*

"Чынар" бала бакчасында курулуш иштери жүрүп жатат. "Вектор ИК" подрядчы уюму курулуш иштеринин 40% аткарып бүттү, анын ичинде: дубалдар демонтацияланды, тосмолор курулду, каалгалар орнотулду, дубалдар шыбалды, эски сантехника алып салынды. Бардык зарыл болгон курулуш материалдары сатып алынды. Бостери АӨ подрядчыга 920 000 сом суммада биринчи траншты төлөп берди. Мониторинг жүргүзүү сапарында пландалган сумма жетишсиз болгону, анткени пландоо процесси маалында эсепке алынбай калган кошумча иштер бар экени аныкталды: канализациялык түйүндү ремонттоо, электр линиясын монтаждоо, пландалбаган тосмо ж.б. Айылдык аймак кошумча иштерди жергиликтүү бюджеттен кошо каржылаган жатат. Курулуш иштери болжол менен 2013-жылдын октябрь айынын ортосунда аяктайт деп күтүлүүдө.



### *Сакалды АА. "Таза селди буруучу канал – коопсуз жашоо" долбоору*

Сатып алынган атайын техника өз максатында колдонулуп жатат. Айылдык кеңештин депутаттарынын катышуусунда чогулуш өттү. Анда төрт айылдан келген төрт талапкердин ичинен экскаватор айдоочусу катары Салыжан АБДУЛЛАЕВди тандап алышты. Долбоор боюнча техниканы сатып алгандан кийин каналдын 250 км, 13 км дренаж жана 510 км ички арыктарды тазалоо пландалып жаткан. 2013-жылдын сентябрь айынын ортосуна карата каналдын 115 км, ички арыктардын 235 км тазаланып бүттү. Экскаватордун сузгучу кыска болуп калгандыктан 13 км дренажды тазалоо үчүн "драглайнды" пайдалануу пландалып жатат. Муниципалитет ТКЧ кызматын түзүп, орточо тарифтер менен калкка кызмат көрсөтүүнү пландап жатат. Экскаватордун кызматын колдонуу үчүн тарифтин көлөмү калк менен талкууланып, макулдашылмакчы.





### *Сумсар АА. "Тазалык – саламаттыктын булагы" долбоору*

Сатып алынган техника өз максатында колдонулуп жатат. Муниципалитет 80 000 сомго прицеп сатып алып, 4 таштанды кутусун 2 400 сомго даярдады. Дагы 6 таштанды кутусун даярдатуу пландалып жатат. Август-сентябрь үчүн Сумсар АӨ боюнча болжол менен 44 тоннага жакын КТК чыгарылды. Июлда Сумсар жана Шакафтар айылдарында элет тургундарынын катышуусунда чогулуш өткөн. Ага 55 киши катышкан. Катышуучулар КТК чыгаруу үчүн тарифти талкуулашты. Кызуу талкуулардан кийин квартал үчүн ар бир короодон 50 сомго токтошту. Ошондой эле АӨ башчысы 2013-жылдын аягына чейин Сумсар АӨ боюнча КТК чыгаруу графигин бекитти. Ушул тапта 1 адам иштеп жатат, жүк ташыгычтар жок, трактор айдоочусунун айлыгы 5000 сомду түзөт. Алибай ЖУМАБАЕВдин талапкерлиги айыл тургундары менен макулдашылган. Муниципалитет келечекте АӨ алдында ТКЧ уюштурууну пландап



жатат. АӨ каржы-экономикалык бөлүмү алдын ала эсептеп чыкты. Сумсар АӨ КТК чыгаруу үчүн төм. акча каражатын чогултууну пландаштырууда: ай сайын – 15 330 сом, жылына – 183 960 сом.

### *Көк-Таш АА. "Жакшы жашоо жолдон башталат" долбоору*

Сатып алынган техника өз максатында колдонулуп жатат. Сынактын негизинде экскаватор айдоочусу болуп Токтоболот КОЖОБЕКОВ тандалып алынган. Долбоор боюнча жолдун 40 км жана 5 көпүрөнү ремонттоо пландалган. Сентябрга карата жолдун 25 км оңдолуп, арыктарга ар бири 3 метр болгон 32 труба төшөлүп, 4 көпүрө оңдолду: Кумдан айылындагы көпүрө – 300 000 сомго, Чоң-Сай айылындагы көпүрө – 470 000 сомго, Жалгыз-Өрүк айылындагы көпүрө – 250 000 сомго, Орто-Суу айылындагы көпүрө – 150 000 сомго. Долбоор боюнча жолдун 15 км жана Чоң-Сай айылындагы 1 көпүрөнү оңдоп чыгуу калды.

### *Жаңы-Жол АА. "Сугат суу – кирешенин булагы" долбоору*

Айыл өкмөтү тендер өткөрүп, жеңүүчүнү тандап, келишим түзүп, подрядчыга акча каражатын которду. Подрядчы – "Авангард жана Ко" ЖЧК. Алар комплектиси менен трансформатордук жабдууну, комплектиси менен насос станциясын сатып алышты. Насостун жана анкердин негиздерин бетондоо боюнча иштер жүргүзүлүп, трансформатордук тирөөч орнотулуп, контурду киргизүү үчүн траншеялар даярдалды. Жаңы-Жол АӨ өз кезегинде үч тирөөчү менен 1 устунду орнотуп, узундугу 60 метр электр өткөрүүчү линияларды тартышы керек. Электр линиясы үчүн устун жана зым сатып алынды. Долбоор боюнча бардык иштерди сентябрдын аягында бүткөрүү пландалып жатат.





***Султан МАЙРАМБЕКОВ,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун гранттар боюнча адиси*

# Швейцария Өкмөтү КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке техникалык колдоо көрсөттү

2013-жылдын 19-августунда Бишкекте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке (мындан ары – Агенттик) техникалык жабдуу өткөрүлүп берилген. Техникалык колдоону Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган жана Швейцария Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында жасалды.

Техникалык колдоо түрүндө жабдуу 2013-жылдын 11-июнунда кол коюлган Меморандумдун алкагында өткөрүлүп берилди. Меморандумга ылайык, негизги максат – Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө багытталган биргелешкен иш-чаралар планын ишке ашыруу үчүн тараптар ортосунда өз ара өнөктөш мамилелерди орнотуу.

"Бизге берген жабдуулардын баарын биз жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн пайдаланып жатабыз", - деди КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин башчысы Накен КАСИЕВ.

"Жабдуулар долбоор менен агенттиктин ортосунда түзүлгөн өз ара өнөктөш мамилелерди орнотуунун алкагында тапшырылып жатат. Биз бул нерсе мамлекеттик башкарууну децентралдаштыруу боюнча реформаларды мындан ары да ишке ашыра берүү жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча өз тапшырмаларын аткаруу үчүн Агенттиктин потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга алып келет деп ишенебиз", - деди Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ.

Техникалык колдоонун алкагында Агенттикке жалпы суммасы 244 994 сомду түзгөн 10 персоналдык компьютер, 10 Panasonic KX-TS2361 үлгүсүндөгү стол үчүн телефон, Canon LBP-2900 үлгүсүндөгү 7 принтер жана Canon I-SENSYS MF4410 үлгүсүндөгү 3 МФУ өткөрүлүп берилди.

# Айылдарда таза болуп калдыбы? Үч муниципалитетте таштанды чогултууга жана чыгарууга берилген баанын натыйжалары

Бир жыл мурда “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорун ишке ашыруунун жүрүшүндө элеттик чогулуштарда тазалыкты сактоо жана таштанды чыгарууну уюштуруу өңдүү көкөйгө тийген маселе талкууланган. Сөздөн ишке өтүштү: гранттык программа боюнча атайын техника сатып алынды (тракторлор жана экскаватор). Бул грантты Ысык-Көл облусунун Төрт-Күл, ошондой эле Чүй облусунун Ивановка жана Жалал-Абад облусунун Ленин айылдык аймактары алышкан. 27 миңден ашуун адам жашаган үч муниципалитетте кырдаал өзгөрдүбү? Көчөлөр тазарып калдыбы? Мына ушул суроого жооп издеп, мониторинг жана баалоо боюнча биргелешкен топтор калктуу конуштарда сурамжылоо жүргүзүштү. 380ден ашык адам сурамжылоого тартылды. Анын ичинде 191и аял болсо, 199у эркек.

Сурамжылоого жаш курагы ар кандай адамдар катышты. Алар өз пикирлерин чын дилинен жана ачык билдирип жатышты (1-диаграмма).

Мониторинг көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө респонденттердин 60% өз муниципалитетин таза деп эсептешет. Ал эми сурамжылоого тартылгандардын 24% аларга макул эмес (2-диаграмма).

Ошондой эле сурамжылоого катышкандардын 60% ашууну өткөн жылга салыштырмалуу муниципалитеттерде таштанды маселесинде жакшы жагына өзгөрүү болгонун айтты. 8 проценти болсо булганычыраак болуп калды десе, респонденттердин 11% тескери пикирге ээ. Ал эми 30% тазалык жагынан алганда эч кандай өзгөрүү көрбөгөнүн айтышты (3-диаграмма).

Анкетага калктын ТКЧ иши тууралуу маалымдуулугу жөнүндө да суроо кошулган. Элеттиктердин көбү – 66% ашууну – муниципалитетте ТКЧ боюнча бөлүм бар болгонунан, же башка кызматтардан кабардар болсо, 27% мындай кызматтардын айылда болгонун биринчи жолу угушту (4-диаграмма).

59% таштанды жыйнала турган жер тууралуу билсе, 22% респондент бул маселеден кабары жок болгонун айтышкан (5-диаграмма).


Жалал-Абад облусунун Ленин муниципалитетинин респонденттеринин басымдуу бөлүгү – 82% - таштандыны апта сайын чыгарат деп ырастоодо. Ивановка жана Төрт-Күл аймактарынын респонденттеринин жооптору бир топ эле өзгөрүп турду (6-диаграмма).

Адамдар таштанды чогултуу жана чыгаруу боюнча кырдаалды жакшыртуу үчүн бул кызмат көрсөтүүгө азыркыдан көбүрөөк төлөөгө даярдыгы кубандырат.


Сурамжылоонун натыйжалары коомчулукка маалым болду. Аны менен жергиликтүү кеңештин депутаттары, артыкчылык катары дал ушул таштанды долбоорун тандоодо жамаат канчалык туура чечим кабыл алганын түшүнүүгө аракет жасаган ЖӨБ органдары да таанышып чыкты. Атайын техника болсо эле муниципалитет көчөлөрдүн тазалыгы өңдүү көйгөйдү чечип койду дегенди түшүндүрбөйт. Бир кыйла баалуу маалымат: айылдын бүгүнкү абалына калк ыраазыбы же жокпу.

Сурамжылоонун натыйжалары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына таштанды чыгаруу боюнча маселени чечүүдө өз каталарын баамдоого жол ачып, калктан наразы сөздөрдү укпаш үчүн кантип ишти жакшыртса болоорун ойлонууга түрттү. Бул үчүн эмне жасаш керек?


***1-диаграмма.Баалоонун катышуучуларынын жаш курагы***





***2-диаграмма. Аймактын тегерегиндеги санитардык абалга жашоочулардын баасы***





***3-диаграмма. Тургундардын баамында аймактагы санитардык абалдын өзгөрүүсү***





***4-диаграмма. “Сиздин аймакта ТКЧ бөлүмү же кызматы барбы?”***



***5-диаграмма. Таштанды чыгаруу графиги тууралуу суроого тургундардын жооптору***




***6-диаграмма. Тургундардын таштанды чыгаруу үчүн көбүрөөк төлөөгө даярдыгы***




Акыркы суроого жарандар өздөрү жооп берди. Таштанды маселесин биротоло чечүү үчүн сурамжылоого катышкандардын 31% акыны өз убагында төлөш керектигин айтса, 18% эрежелерди сактоо зарыл экенин (таштандыны атайын бөлүнгөн жерге таштоо), 17% ишембиликти өткөрүп туруу маселени чечмектигин айтышты. Кызыктуу дагы бир маалымат: сурамжылоого катышкандардын 16% кошуундарды уюштургусу келет. Ошондой эле көбүрөөк акы төлөп, ТКЧдан тазалыкты талап кылгысы келгендер да бар (мындайлар 4%). Калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү 11% колдойт.

***Рахат ТАЛКАНБАЕВА,***
*Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси*

# Өнүктүрүү саясат институтунун жаңылыктары

## Сүлүктүдөгү марафон 1 миллион 700 миң сом чогултту




2013-жылдын 10-августунда Сүлүктү шаарында жолдордогу тешиктерди бүтөө үчүн кошумча каражат чогултуу максатында марафон өттү.

Марафонго 300гө жакын адам катышты. Алардын ичинде шаардын карапайым тургундары да, көмүр казуучу компаниянын, коммерциялык жана мамлекеттик ишканалардын өкүлдөрү да, ошондой эле облустун, райондун жана шаардын жетекчилери да болушту. Мындан тышкары өз шаарынын өнүгүүсү үчүн жеке салымын Сүлүктүдө туулуп-өскөн, республиканын булуңбурчунан жана чет өлкөдөн иш-чарага катышуу үчүн атайын келген замандаштар да болду.

Бир нече сааттын ичинде эле катышуучулар 1 миллион 700 миң сомдон ашык акча чогултушту. Бул каражаттын баары талкаланган жолдорду оңдоп-түзөө үчүн жумшалмакчы.

Марафондун катышуучуларынын сөзү боюнча, бул демилгени угаар замат жергиликтүү тургундарда оптимизм, шаардын жетекчилигинин ишинин ачык жана айкын болуп жатканына ишеним пайда болду.

“Акчаны атайын орнотулган тунук кутуга ташташ үчүн түрдүү улуттагы адамдар кезекте турушту. Кайсы бир учурда кутунун жанында кымгуут пайда болду – өз кичи Мекенине колдон келген жардамын берип калууга умтулгандар өтө көп болду”, - дейт Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү Жылдыз КЕРИМОВА. “Биздин институт марафондун маалыматтык өнөктөшү болду. ЕККУнун “Кен казуучу компаниялардын жергиликтүү жамаат менен өз ара аракеттешүүсү жана жергиликтүү бюджеттин кирешe бөлүгүн көбөйтүү” долбоорунун алкагында биз дал ушул иш-чара үчүн “Шахтер жолу” шаардык гезитинин атайын чыгарылышын басып бердик. Каалоочулардын арасында өспүрүмдөрдүн жүргөнү бизди абдан кубандырды. Алар жүгүрүп келип, сары майдай сактап жүргөн акчасын кутуга таштап жатышты. Ошондой эле пенсиясынын аздыгына карабастан пенсионерлер да, бюджеттик кызматкерлер да айлап чогулткан маянасын алып келип жатышты”.

“Сүлүктүнүн мэри болуп жаңы иштей баштаганда, калкка ички жолдорду жакшыртуу боюнча иштерди жүргүзөбүз деп сөз бергем, - дейт шаар башчысы Абдизакир ИБРАГИМОВ. – Эч ким үчүн сыр деле эмес, өкмөт ички жолдорду оңдоого зарыл болгон сумманы караштырбайт. Көп жылдардан бери мындай иштер “ашар” ыкмасы менен, тургундардын өз күчү менен ишке ашырылып келатат. Ремонттук иштерди биз борбор-

дук көчөлөрдөн баштаганбыз. Төрт көчөгө майда кум төктүк. Ал эми Элмуратов ат. көчөдө биз узундугу 446 метр болгон лотокту өткөрүп, 482 миң тешикти бүтөп, 1500 чарчы метр жолду оңдодук ж.б. Ушул жана башка иштерге 49,5 млн. сом кетти. Эгемендик күнүнө карата жолго асфальт төшөйбүз. Ал дээрлик даяр болуп калды. Пландар көп эле. Бирок баары каржыга келип такалат. Акча чогултуу иштерине активдүү катышып жаткан жергиликтүү тургундарга ыраазычылык билдирем. Биз сөзсүз түрдө ар бир сом үчүн отчет беребиз".

Марафондо жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнөн, активисттерден, казуучу жана коммерциялык компаниялардын өкүлдөрүнөн Эсеп палатасы түзүлдү. Комиссиянын негизги миссиясы – ремонттук иштердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү, ошондой эле марафондон чогулган каражаттын сарпталышына көз салуу.

**Маалымат үчүн:**

*Бүгүнкү күндө жолдордун ремонту башталып калды. Негизги унаа жолунун узундугу 12,7 км түзөт. Акыркы айлардан бери шаардагы эң көп талкаланган жолдун капиталдык ремонтуна жергиликтүү бюджеттен 12 млн. сом бөлүндү. Жолдун 2,1 км толугу менен асфальт төшөлдү, анын кендиги 6,3 метр, калыңдыгы 7 см болду. Ошондой эле Товарная көчөсүнөн Элмуратов көчөсүнө чейин тешиктерди бүтөө үчүн ремонт иштери жасалат. Мунун баары жергиликтүү бюджеттин жана жергиликтүү кен казуучу компаниялардын эсебинен жасалат. Бардык каражаттар тендерди жеңип алган подрядчы - "Ак-Тилек" АК эсебине которулду. Ремонт иштери 2013-жылдын күз айларында аяктайт деп пландалууда.*

# Ысык-Көлгө пресс-сапар: бизнес чакан болсо да баарынан кымбат



Өнүктүрүү саясат институтунун Экономикалык журналистика мектеби долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында ММК өкүлдөрү үчүн үчүнчү пресс-сапарды уюштурду. Бул жолу изилдөөнүн жана анализдин объектиси Ысык-Көл облусунун кичи жана орто бизнеси болду.

Уюштуруучулар журналисттердин ишканаларга жана фермердик чарбачылыктарга сапары маалында алардын чыгармачыл ишине шарт түзүп берүү тууралуу өтүнүчтөрүн мүмкүн болушунча көбүрөөк канааттандырууга аракет жасашты. Пресс-сапарга чыгаар алдында биздин өлкөдөгү жана дүйнөдөгү ушул тармактагы кырдаал тууралуу эксперт Бакыт САТЫБЕКОВ айтып берди. Ал изилдөөлөр жана анализ үчүн багыт берип, кичи жана чакан бизнести канткенде жакшыраак чагылдырса болот, ишкер менен сүйлөшүп жатканда эмнеге көңүл буруу керек деген темада өз кеңештерин жана сунуштамаларын аяган жок. Мына ушуну өткөн пресс-сапарларда катышуучулар өтүнгөн эле.

- Чакан жана орто бизнес бюджеттин киреше бөлүгүнө чегерген салыктарына караганда, өзүнүн социалдык миссиясы менен маанилүү. Экономиканын бул секторунда калктын эң көп бөлүгү иш тапкан. Бул сектордун ишкерлери жумушчу орундарды түзүү менен коомдогу социалдык чыңалууну да азайтып жатышат. Макала жазып жатканда ушуга да көңүл буруп койсоңуздар, - деген кеңешин берди Бакыт САТЫБЕКОВ.

Экономикалык жагынан алганда көбүрөөк өнүккөн региондордун бирине чыгармачыл сапарга катышууну каалагандар абдан көп болгондуктан уюштуруучулар орундардын санын көбөйтүп, логистикага байланышкан кошумча каржылык жана административдик жүктү өздөрүнө алышты. Мына ушул ишти ӨСИ командасы мыкты аткарды. Бардык объекттерде журналисттерди баарын айтып берүүгө жана көрсөтүүгө даяр турган ишкерлер тосуп алышты. Алар журналисттердин толгон-токой суроолоруна жооп берип, бир нече саат бою

баарлашууга даяр эле.

Белгилей кетчү жагдай, бул жолку программа өтө жыш түзүлдү. Өнөрчүлүктүн ар кандай түрлөрү, жемишти кайра иштетүү, балыкчылык, туризм – мунун баары Ысык-Көл облусунда кичи жана орто бизнестин абалы жана өнүгүүсү тууралуу толук маалымат берди. Бир сектордун гана объекттери көрсөтүлдү – бул да пресс-сапардын катышуучуларынын каалоолорунун бири эле.

Республиканын бардык облустарынан 20дан ашык журналисттин ичинен үчөө гана орус тилдүү басылманын өкүлү болду. Бирок бул факт аларга активдүү болуп, баарына кызыгууга түрткү болгон жок.

Сапарда тажрыйбалуу журналисттер да, бул кесипти жаңыдан гана аркалай баштагандар да болду. Алар тажрыйбалуу журналисттер кантип иштешерине, кантип маалымат топтошооруна, маектештин кантип кепке тартып, кандай деталдарга көбүрөөк көңүл бурарына күбө болушту. Жаштар үчүн бул бир жагынан мастер-класс да болду.

“Слово Кыргызстана” гезитинин тажрыйбалуу журналисти Галина ЛУНЕВА үчүн объекттер аз болуп калса, анын аймактардагы айрым кесиптештери кечинде бутун тарталбай жыгылышты. “Талас турмушу” гезитинин өкүлү Жакыпбек ТӨЛӨГӨНОВдун баамында, “журналистке эркин чабак урууга мүмкүнчүлүк бериш керек. Б.а., журналистти 1-2 саатка ишкер менен жалгыз таштап койсо, ар бир кабарчы кызыктуу жана маанилүү маалыматты таба алмак. Бул бизге аналитика жазууга жардам бермек”.

Анын кесиптеши, Comment.kg маалымат агенттигинен Александр НИКСДОРФ келечекте тематикалык пресс-сапарга катышуу ниетин билдирди: “Мисалы, бир же эки облустагы бир нече балык чарбасында болгубуз келет. Же шире, кыям, же эмерек чыгарган бир нече ишканага барсак болот. Ошондо биз өндүрүштүн белгилүү бир түрүн толугураак камтып, салыштырып, анализ жасамакпыз”.

“Ош садоси” гезитинин журналисти Ахмаджан МАХАМАДЖАНОВ мындай сапарларга жаштарды көбүрөөк чакырууну уюштуруучуларга сунуштады: “Анткени дал ошолор журналисттик материалдардын сапатын жакшыртып, келечекте коомдук пикирди калыптандырышмакчы”.

Пресс-сапар тууралуу кыргыз журналистикасындагы жаш муундун өкүлү, «Tushtuk» маалымат агенттигинин кабарчысы Азамат АРАЛБАЕВ буларды айтты:

- Мен ӨСИ ушул пресс-сапар үчүн ыраазычылыгымды билдирем. Анткени дал ушундай сапарлардан кийин окурмандар аймактарда жашап жаткан талanttуу ишкерлер тууралуу маалыматка ээ болушат”.

Мына ушундай сөздөрдөн кийин жана каалоолордон соң биз катышуучулардан кызыктуу, эң негизгиси пайдалуу маалыматтарга жыш толгон макалаларды, репортаждарды, маектерди күтүүгө укугубуз бар. Макала жазууга себептер да, биздин экономиканы алдыга жылдырып жаткан адамдар тууралуу сабак берчү окуялар да өтө көп болду.

***Лариса ЛИ, медиаконсультант***

# “Муниципалдык мүлктү башкаруунун заманбап усулдары” аттуу эксперттик семинар

2013-жылдын 25-27-сентябрында Бишкек шаарында Өнүктүрүү саясат институту Сорос-Кыргызстан Фондунун (“Бюджеттик айкындуулук жана отчеттуулук” Программасы) жана Швейцария Өкмөтү колдогон “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун колдоосу менен “Муниципалдык мүлктү башкаруунун заманбап усулдары” аттуу темада тренерлер үчүн тренингдин элементтерин камтыган эксперттик семинар өттү.

Бул иш-чара “Муниципалдык менчикти башкарууну жакшыртуу аркылуу Кыргыз Республикасынын шаарларында айкындуулуктун жана отчеттуулуктун демилгеси” Долбоорунун алкагында уюштурулду. Анын максаты – Кыргыз Республикасынын шаарларында муниципалдык менчикти башкаруу практикасын жакшыртуу.

Семинарды өткөрүү үчүн муниципалдык менчикти башкаруу жаатында эл аралык класстагы таанылган эксперт Ольга КАГАНОВА чакырылган. Ольга КАГАНОВА Чикаго ш. (АКШ) университетке караштуу NORC изилдөө уюмунун башкы илимий кызматкери болуп иштейт, Британиянын, АКШнын жана Канаданын белгилүү илимий коомдорунун башкармалыгына кирет жана мүчөсү болуп эсептелет. Дүйнө боюнча 29 өлкөдө муниципалдык менчикти башкаруу жаатында 30 жылдык тажрыйбага ээ. О.КАГАНОВА Кыргызстанда 2002-2008-жылдары иштеп кеткен жана муниципалдык менчик тууралуу мыйзамдын авторлорунун бири болгон, Кыргыз Республикасынын шаарларында ачык жана натыйжалуу башкаруу практикасын жайылткан.

Бул семинардын өзгөчөлүгү тренердин бай тажрыйбасында жана катышуучуларга жеткиликтүү берилген жаңы билимдерде гана эмес, семинарды өткөрүү методикасында да жатат. Бул семинарда ар бир катышуучу талкууга тартылып, жаңы билим гана албастан башкалар менен тажрыйбасын да бөлүшө алат. Өзгөчө семинар үчүн баалуусу – күн сайын муниципалдык менчикти башкаруу жаатында тажрыйбага ээ болуп жаткан адистердин катышуусу болду. Эксперттик семинарга муниципалдык менчикти башкаруу чөйрөсүндөгү адистер катышты. Ошондой эле практиктер – өлкөдөгү муниципалитеттердин өкүлдөрү келди: Балыкчы, Сүлүктү, Кара-Көл, Кант жана Кара-Балта шаарларынан.